
6 "Like" тилемчилери



9 А.Акылбекова: «Күчтүү билим кымбат кийимден жакшырак»




# САРЕСЕП

26-ноябрь, 2015-жыл
№28 (28)
saresep.kg
Калыс көз караш!




«Дыйкан сыртка каалаганын сатат» дешкен эле...

5-бетте



Кегети кандай, аманбы? Жеңеңен айтам саламды!

10, 11-беттерде



## Сандыктагы акчаларды иштетиш керек

7-бетте









## Кытайдын Кыргызстандан Иранга өтүүчү темир жолу

Борбор Азия аркылуу Иранга баруучу темир жол куруу долбоору иштелип чыкканын кытайлык China Daily басылмасы кабарлады.

Долбоор өткөн аптадагы инвестициялык форумда сунушталган. Ага ылайык, темир жол каттамы Үрүмчү – Алмата – Бишкек – Ташкен – Самаркан – Ашхабад – Тегеран багыты боюнча жүрөт.

Эгерде бул демилге жүзөгө ашса, түшкөн пайда курулушка кеткен чыгымды жабат. Ошондой эле темир жол аркылуу жүргүнчүлөрдү ташууга да болору айтылууда.

Азырынча долбоор боюнча Кытай бийлиги жана Борбор Азия мамлекеттери үн ката элек. Ага кошумча толуктоолор киргизиле турган болууда.



## "Москва" крейсери Латакия жээгинде

РИА Новостинин согуш-дипломатиялык маалымат булагынын билдирүүсү боюнча абадан чабуулга каршы "Форт" системасы бар "Москва" крейсери шаршемби күнү эртең менен Латакия аймагына келди. Анын радиолокациялык жана ракеталык комплекси Сириядагы Орусиянын аба күчтөрүн коргоону камсыз кылмакчы.

Буга чейин бул тууралуу Орус Федерациясынын Аба күчтөрүнүн генштабынын негизги опертивдүү бөлүгүнүн жетекчиси генерал-лейтенант Сергей Рудской журналисттерге билдирүү жасаган. Бирок, анда ал бул иш-чара качан жүргүзүлөрү тууралуу так маалымат берген эмес.

"Форт" зениттүү ракета комплекси колдонууга 1984-жылы берилген. Ачык булактардан алынган маалымат боюнча, ПВО С-300 аналогу бар бул комплекс секундасына 3 миң метр ылдамдыкта бараткан бутаны 350 километрге чейинки аралыктан жана 27 миң метр бийиктиктен атып түшүрө алат. Бул крейсерге 64 ракетасы бар 8 ракета аткыч орнотулган.

Эскерте кетсек, шейшемби күнү Сирияда орустун СУ-24 бомбалоо учагын Түркиянын F-16 учагы атып түшүргөн. Муну Владимир Путин аркадан бычак уруу деп баалап, наразычылыгын билдирсе, түрк тарап чек арадан кирип келген учакка 10 жолу эскертүү берилгенин жана акыры атууга мажбур болушканын жарыялаган.

# Коопсуздук иштери күчөтүлүп жатат



Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин катчысы Темир Жумакадыров Кыргызстанда коопсуздукту күчөтүү маселеси тууралуу сөз кылган. Анын айтымында. Транспорттук борбор болгон "Манас" аэропортунда жана өлкөбүздүн башка аэропортторунда ошондой эле темир жол бекеттеринде коопсуздук иштери күчөтүлгөн. КРнын Коргоо кеңеши, Өкмөт башчы тарабынан да чек аранын коопсуздугу боюнча чаралар көрүлгөнүн, стратегиялык объекттердин да коопсуздугу камсыз кылынгандыгын айтты.

Темир Жумакадыров: "Экстремизм боюнча бир аймакты бөлүп айтуу кыйын. Ошондой болсо да, Ош, Жалал-Абад аймактарына көбүрөөк көңүл бурууга туура келип жатат. Себеби ушул аймактарда диндин радикалдашып кетүүсү байкалып келет. Баткен облусунда чек ара боюнча маселе бар. Чек аранын тилкемдери аныктала элек. Бул дагы кооптуу кырдаал жаратышы мүмкүн. Андан сырткары, чек аранын кайтаруунун тийиштүү түрлөрүн күчтөнтүп жатабыз.

Коргоо кеңешинин изилдөөсү боюнча "Ислам мамлекети" делген уюм Борбордук Азия чөлкөмүндө "Хорасан халифатын" түзүү максаты бар. Бул көз караштан алганда жеке эле Кыргызстан эмес, бүтүндөй Борбордук Азия коркунуч алдында турат десек болот. Муну менен күрөшүүдө коомчулуктун орду чоң. Андан сырткары, Ооганстандагы "талибан" кыймылы да кооптонуу жаратуучу факторго кирет. Ооганстанда бул эки кыймылдын ортосунда чыр-чатак болуп жатат. Кагылыш болуп кетсе, Кыргызстанга да түздөн-түз коркунуч алып келет", - дейт.

# Башкарманын кысымынан директор өлдү

2015-жылдын 8-ноябрь күнү Өзгөн районунун Ак-Кыя айылынын №41 М.Ибраимов орто мектебинин директору Абдыкаар Самиев райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Ысмайыл Дүйшеевдин кысымынан улам каза болду делүүдө. Бул тууралуу маркум А.Самиевдин уулу Айбек Самиев атасынын өлүмүнө райондук билим берүү башкармасы Ысмайыл Дүйшеевди себепкер деп эсептейт. "Райондук билим берүү башкармасы бир жыл бою тынымсыз мектепке бир нече текшерүү комиссиясын жиберген. Мектеп директорлору катышкан жалпы чогулушта да маркум А.Самиевди кагып силкип урушуп, кысым жасап келген", - дейт уулу.

Өзгөн районуна караган Кызыл-Тоо айыл аймагынын Ак-Кыя мектебинде 200дөн ашуун окуучу билим алат. Мектептин болгону 6 гана классы бар. Окуучулар 2 сменде окушат. Учурдагы директордун айтымында мектептин билим сапатын текшерген облустук комиссиянын корутундусу чыга элек жатып, директорду кызматтан алган. Учурда эки тарап бири-биринин үстүнөн Өзгөн РИИБсине арыз жазышкан. Азырынча иликтөө иштери жүрүүдө. Буга чейин да Ы.Дүйшеев шайлоо мезгилинде "Өнүгүү" партиясынын талапкерин колдогону үчүн "Жылалды" орто мектебинин директорун кызматтан алган окуя коомчулукта чуу жараткан болчу.



Сүрөт ▸ Azattyk

# Акчаны ойготуу форуму

2015-жылдын 2-декабрында Хаятт отелинин жыйын залында Жаш Ишкерлер Ассоциациясы (ЖИА) КРнын экономика министрлигинин алдындагы Инвестицияны илгерилетүү агенттиги, Эл аралык ишкерлер кеңеши жана FSDS коомдук фонду менен биргеликте "BIF 2015" Бишкек инвестиция форумун уюштуруп жатат. Форумдун негизги максаты орто жана чакан бизнести өнүктүрүү максатында инвестиция издеп жаткан ишкерлер менен потенциалдуу компанияларга инвестиция кылууга даяр ишкерлердин жолугушуусуна шарт түзүү менен орто жана чакан бизнеске инвестиция тартуу, ошондой эле бизнести өнүктүрүү боюнча тажрыйба, жаңы технологиялар жана маалымат менен бөлүшүү. Форумдун алкагында ишкерлерге төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөр сунушталат:

1. Инвестиция издеп жаткан перспективдүү компаниялардын презентациясы;
2. Ийгиликтүү ишкерлер бизнести өнүктүрүү жана инвестиция тартуу боюнча сөз сүйлөп, тажрыйба бөлүшөт;
3. Инвесторлор менен ишкерлердин жолугушуусу;
4. Бизнеске кызмат көрсөткөн компаниялардын көргөзмөсү.

Форумга катышуу үчүн алдын ала каттоодон өтүү зарыл.

Байланыш телефондору: +996 (553) 513515, +996 (709) 51 35 15




Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа" Юстиция министрлигиндеги каттолуу номери – 1925
САРЕСЕП
**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа
**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0312) 93-65-55
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити
**Нускасы: 6300**
**Буйртма № 3134**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Түрктөр жок кылынган орус учагы тууралу эмне дейт?

24-ноябрда түрктөр орустардын 1 млрд рублга бааланган жапыс учуп жердеги буталарды ракета менен атып же бомбалоочу СУ-24 учагын атып түшүрдү. Бул окуя Түркия менен Россиянын арасына жоон шынаа ургансыйт. Түрк бийлигине оппозиция жана пропозиция болгон серепчилери бул тууралуу эмне деген ой-жорум кылышууда?


### Эч эрежени сактабаган бийлик орустарга эреже колдонду

Өз бийлигине ачуусу келген түрк ЖМКлары окуяны башында «орустар биздин аба чек араларыбызды биринчи жолу бузган жок» деп эрдемсинген бийлик, бир аз убакытттан кийин «биз орустардын учагы экенин билбей калыппыз» дейт. Адилеттүүлүк жана өнүгүү партиясы (АӨП) менен Тайийп Эрдогандын каалаган убагында достошуп, каалаган убагында сатып кетүү оюндары аяктап бара жаткансыйт. Анткени жыландын куйругун басты деген таризде жорууда.

Жакында 20дан ашык теле жана радио ишканалары менен гезиттерди жапкан АӨП жана Эрдоганга моюн бербей келе жаткан Т24 интернет порталынын Москва шаарындагы серепчиси Хакан Аксай (Hakan Aksay) жана Стамбулдагы Эрдоган Айдын (Erdoğan Aydın): «Бир күндө бир нече жылдарга артка чегиндик. Россия менен ортобузда оор маселелер жаралат. 2012-жылдын 10-октябрында Анкара Москванын Сирияга учуп бараткан учагын коркутуп кондуруп, тинтип, эч нерсе таппаганда Россиянын жини келди. Бирок сыр берген жок. 2014-жылынын 18-июнь күнү Украина менен Россиянын арасындагы араздашууларга себеп болгон малазиялык учак атылып түшүрүлгөн. Ал кездеги премьер-министр, азыркы президент Тайийп Эрдоган эч кандай далил жок эле «орустар атып түшүрдү» дегенине алар ого бетер ачууланды. Бирок кайра эле сабырдуулугунан тайган жок. Акыркы убакта эч бир эрежени сактабаган түрк бийлиги бул учурда «коркунучка жараша жооп берүү» (ANGAJMAN KURALLARI) эрежесин ыйык милдет сыяктуу колдонду. Москва менен мамилелеринин оң-терс жактарын эсептебей туруп эле Россиянын учагын атып түшүрдү. Бул битке өчөшүп жуурканды өрттөп ийгендей эле жорук. Кечээ эле Шанхай кызматташуусуна кирүүнү сурап жаткан Түркия кризисти жөнгө салуу боюнча сүйлөшүүлөргө даяр эмес экенин билгизди. Ички саясатта ишине жарап жаткан «душмандар көп» демагогиясын эл аралык саясатта да колдонууга даяр экени ашкере болду. НАТО Түркия менен биргебиз, бирок Россия менен сүйлөшүп ортодогу маселелерди жөнгө салуулары керек дегенсиди. Ошентип АКШ океандын нары жагынан көрүп турган нерселерди АӨП мурдунун учуна чейин келсе да көрө албай турат», – деп жазышкан.

### Ички жана сырткы душмандар жүдөттү

Эрдоган менен партиясынын жеңилин жерден, оорун колдон ала калып жүргөн АТВ телекомпаниясынын серепчилери Бекир Хазар (Bekir Hazar) менен Мехмет Барлас (Mehmet Barlas) бул окуяны ички жана сырткы душмандар кылып атат өнүтүндө жорушкан: «Түркияда көздөр чек-аранын нары жагына кадалды. Сириянын президенти Асад менен ага жардамга келген шия топтору түркмөн бир-туугандарыбызды бутага алышты. Россиянын учактары аларды абадан колдоп улутташтарыбызды бомбалап жатат. Биздин учкучтар чек-арабызды бузган орустардын учагын атып түшүрдү. Бул окуя Сирия боюнча сүйлөшүү үстөлүнө кимдер отураары аныкталып жатканда болуп кетти. Анкара бул окуяларды алдын алып



түркмөндөргө курал ташыган. Бул убакта мусулман көрүнгөндөр менен социалисттер биригишип, түркмөн бир-тугандарыбызды талаага таштап, Түркиянын сүйлөшүү үстөлүнөн алыстаткысы келип турат. Мындай чыккынчылыктар мурун да болуп келген. Россия менен биргелешүү буга чейин деле бизге балээ болгон. Падышалык Россиянын баскынчылыгын унута албайбыз. 1960-жылынын 27-майдагы жана 1971-жылдын 12-марттагы аскер тоңкорушу, 1964төгү Кипр кризисине да орустардын катышы бар. Каап, орус учкучу кой дегенде коюп калып, биздин чектерге кирбесе жакшы болмок. Аттиң, орустар Башар Асадга жардам беребиз деп Сирияга келбесе болмок», – деген наалымаларын жазышкан.

Түрк бийлигинин башына өз куулугу таяк болуп тийип, жакында мунай атказчилиги менен тапкан миллиарддаган доллардардан кол жууп калчудай болуп турат. Акыркы убакта арам акча табуу илдетин жугузуп алган түрктөрдүн эсебин кантип табыш керек экенин Владимир Путин болжоп койгондой.

# Биздин дыйкан премиум классты кантип өндүрөт?

Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) комиссиясынын министри Данил Ибраев айтып жаткан премиум классындагы айыл-чарба өндүрүмдөрүн чыгаруу үчүн ага тиешелүү инфраструктураны жаратуу зарыл дейт, ЖИА бизнес-биримдигинин директору Руслан Акматбек

Премиум класстагы эт, сүт жана жашылча жемиштерди сыртка чыгаруу үчүн андай өндүрүмдөр бизде болуусу керек. Андай продукция бизде бар, бирок аларды экспорттоо 1000 фермердин 2-3өөнүн гана колунан келүүсү мүмкүн. Андай адамдарга ЕАЭБдин да, Европа биримдигинин да кереги жок. Алар сырттагы керектүү кардарлары менен, мисалы Кытай же Франция менен түз келишим түзүп алат да, иштей берет.



Ал эми жалпы дыйкандарыбыздын баары премиум деңгээлиндеги өндүрүм чыгаруу үчүн мамлекет көп каражат жана убакыт коротушу керек. Мисалга алсак, сыртка чыккан 2 млрд. доллардык айыл-чарба продукциясын 158 млрд долларга жеткирген жана 2023-жылы 500 млрдга жеткирем деп турган Түркия кандай иштерди кылган? Биринчиден жылына 300 миллиондон ашык доллар сарптап, дүйнө боюнча 105 окулчулук ачкан. Андан кийин чет өлкөлүк базарларга балын же жержемишин сатсамбы деген 9000 фермерине жол киресинен башка бардык чыгымдарын каржылап, премиум класстагы продукцияны кантип даярдаш керектигин көрсөткөн. Аны өз мамлекетиңен чыгарып, башка өлкөгө киргизүү үчүн кандай документтерди толтуруп, кайсыл жерлерге киргизүү керектигин үйрөткөн. Анан бул идея менен «ооруп» калган фермерлер келип башка досторун, же коңшу-колоң фермерлерин окуткан. Себеби, алар жалгыз өзү мынчалык көлөмдөгү тапшырыкты аткара албайт болчу. Анан продуктуну өндүрүүгө таза кирешеден бөлүшөсүң деген шарт менен үстөксүз насыя берген. Бизде болсо миллион сомдук кирешеси бар нерсеге үч миллиондук залог сурашат. Сыртка чыгып келген «оорукчан» фермер өндүрүмдү кантип айдап, сугарып, керектүү минералдарын берип, жыйнап, талапка ылайык таңгактоо керектигин ийнежибине чейин айтып, көрсөтүп, башкаларды да «ооруп» туш» керек. Дыйкандарыбыз үчүн премиум класстагы өндүрүмдү экспорттоонун мындан башка жолу жок. Бул жүктү мамлекеттен башка эч бир жеке менчик структура көтөрө албайт. Ал эми өкмөттүн буга материалдык жана кадрдык мүмкүнчүлүгү барбы деген суроону алардын өздөрүнө бериш керек.

# Мусулмандар чын эле бир-тууганбы?

Саресеп гезитинин суроолоруна Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын Жаштар жана түрдүү агымдар менен иштөө боюнча адиси Данияр Мурадилов жооп берди

**– Мусулмандардын өз ара араздашуусу күч алып бараткансыйт. Алар макулдукка келе алабы?**

– Пайгамбарыбыз Мухаммед: «Куранды жана менин принциптеримди бекем кармангандар адашпайт», – деген. Демек, мусулмандар дининин пайдубалын түзгөн эрежелерди бекем карманса, анда акыры сөзсүз биригишет. Муну тоонун чокусун максат кылган адамдар менен салыштырсак болот. Ал чокуга умтулгандар акыры бир кырда жолугушуп, бирге кетүүгө мажбур болушат. Анткени тоонун кырынан ойдогу майда-барат талаш-тартыштар кичине көрүнүп, этибарга алынбайт.



**– Мусулмандар биригип, толугу менен өнүгүү факторуна айлануусуна кандай тосколдуктар бар?**

– Дүйнөдөгү болуп жаткан нерселер тууралуу толук маалыматынын аздыгы, табият тууралуу жана диний билиминин төмөндүгү. Жалпысынан айтканда караңгылык десек жаңылыш болбойт. Себеби, диндин жайылуусу жетишерлик деңгээлде диний сабаттуулук менен коштолбой жатат. Кыргызстандын жалпы билим берүү системасынын алсыздыгы. Ага башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларда дин тууралуу түшүнүктүн жок дегенде маданият катары берилбөөсү маселени ого бетер оорлоштурат.

**– Орто жана жогорку окуу жайларда диний билим берүү долбоорлору кайсыл жерге келип калды?**

– Мендеги маалыматтар боюнча бул маселе дагы эле алгылыктуу жыла элек. Түзүлгөн жумушчу топ башында кандай киргизсек, эмне киргизсек, мазмуну кандай болот, сабак маданият жөнүндө болуш керекпи же дин жөнүндө болуш керекпи деген суроолордун тегерегинен узабай калган.

**– Серепчилер: «Диний саясат катуулоодо жана ар түрдүү диний топторго ар кандай мамиле кылынып атат. Мисалы «Таблиг жамааты» деген топко өзгөчө мүмкүнчүлүктөр берилген», – дешти.**

– Мамлекет динди көк-бөрүнүн улагындай жапмага басып алгысы бар экени билинип турат. Бул албетте бир гана ислам багытындагы жамааттарга эле эмес, бардык диний конфессияларга катуу тиет. Бирок мунун да туура жактары бардай. Анткени бул соода сыяктуу. Мамлекет катуураак талаптарды коёт, диний коомчулук менен эксперттер аны жумшартканга аракет кылышат. Ошентип ортодо мамлекетибизге ыңгайлуу эрежелер жаралат.

Биздин азрети муфтий Максатбек ажы Токтомушевдин «Таблиг» жамаатынан экенин баарыбыз эле билчүбүз. Бирок ал муфтий болгон соң, бул жамаатта эмесмин деди. Демек, учурда Максатбек ажынын бул жамаатка тиешеси жок. Таблиг жамаат болсо, 150 жылдан бери жашап келет. Кыргызстандын кийинки 25 жылдык тарыхында эч бир туура эмес нерселерди уюштурган эмес жана андай окуяларга катышкан да эмес.

# Жинди суу жөнүндө ой толгоо

Кыргыз эли өткөн кылымда үч чоң апаатты башынан кечиргени көпчүлүккө белгилүү болсо керек. Биринчиси – Улуу Үркүн, экинчиси – Сталиндик репрессия, үчүнчүсү –миллиондогон бейкүнөө адамдардын өмүрүн кыйган экинчи дүйнөлүк согуш. Бул жагдайлар кыргыз элинин демографиялык өсүшүн кескин төмөндөткөн



## Орустун жакшыжаманын ылгабадык

Кыргыздын улуу мурасы "Манаста" "Түгөнгөн сайын түтөгөн, кырылган сайын күчөгөн"деген дем берүүчү ураандар бекер айтылбаган чыгар. Кудайдын буйругу, мээрими менен жоголуп баратып, тирүүлүк дүйнөсүндө ырмайып-чырмайып, жер үстүндөгү карааныбыз көп элдердин катарын толуктап тургансыйт.


Этнологдор калктын өсүшүн камсыз кылуу үчүн бир нече жагымдуу факторлор керек дешет. Алардын айтымында географиялык чөйрө, экономикалык өсүш, күчтүү идеология калктын санынын өсүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизет. "Учурда кыргыз элинин улуттук мүнөзү кандай болуп калыптанды? Улут катары сапатыбыз кандай? Дүйнө элдеринин ичинен кыргыздар эмнеси менен айырмаланып турат? Ааламдашуу процессинде улуттук идентификациябыз кандай? Эл катары жоголуп кетүү коркунучу канчалык даражада экендиги, дүйнөлүк саясатта адашпай турган туура багытты карманып, экономикада атаандаштыкты жеңе ала турган кандай мүмкүнчүлүктөрүбүз бар? Кимге же эмнеге таянып, ишенип жашайбыз?", – деген суролор көңүлүмдө ийиктей ийрилип, жүрөк өйүтөт...

Кыргызга кылган кызматын сөз менен айтса түгөнгүс Ата журттун чыныгы уулдарынын бири, мударис Кусейин Карасаевдин "Кусейин наама" деген автобиографиялык мыкты чыгармасы бар. Кылым башында туулган бул инсан ушул чыгармасында төрт жашынан беркиси жадында экенин айтат. Үркүн маалында керекке жарап турган улан экендигин, өлгөндөн калган элдин кайра Ата журтка кайрылып келгенин, Кеңеш төңкөрүшүн, коллективдештирүү маалын, жалпы кыргыздын сабаттуулукка ээ болгонун, Кеңеш өкмөтүнүн жакшы-жаман жактарын, согуш маалын, кайра куруудан рынок шартына чейин келгенибизди төкпөй-чачпай баяндап берүүсү бир кылым жашаган бул карыянын өмүр-тагдырына жазылып калган сыяктуу. Анын орус маданиятынын кыргыздын улуттук мүнөзүнүн бузулушуна тийгизген таасири тууралуу айткандарына эрксизден кошуласың. Калк кадырманынын: "Орус келгени жашоо-турмушубуздун оңолгону ырас. Көчмөн турмуштан отурукташып жашаганга көндүк. Балдарыбыздын баары тегиз сабаттуу болушту. Мамлекеттүүлүгүбүздү түптөдүк. Бирок булар өздөрүнүн улуттук өзгөчөлүктөрүнүн жаман жактарын да кыргызга өткөрүп берди. 70 жыл аралыгында элибизди аракечтикке, бузукулукка үйрөттү. Эркектерибизди ичкиликке сугарып, кыргыздын келин-кыздарын, аялдарын шайкелеңдикке үйрөттү" – деп айтканы бар.

## Мөлтүр булак болуп кубулган арам суу

Жетимиш жыл ичинде элибизде арак ичүү салтка айланды. Арак ичпеген адамды "немодный" аташып, коомдун жетишпеген мүчөсү катары карай башташкан. Бир иштин аягына чыкканда "Комсомолский жайпама" деп аталган 200 грамдык стакан менен толтура алып жиберилчү социалисттик түзүлүштүн тың чыкма жаштарынан турган КОМСОМОЛ (Жаштардын коммунисттик биримдиги) уюмунун мүчөлөрүнүн да ушундай салты бар эле дешет. Бешиктен бели чыга элек жаш балдарга чейин арак ичүүгө үйрөтүүнүн өзү улуттун генофондун талкалоо дегендик эмеспи...

Арак арак демечи, эл ичинде бул аты жамандын кесепети тууралуу бир икая бар. Эмесе удулу келип турганда ошону да бул жерге кыстара кетсек. Илгери, кайсы бир заманда, өзү жамандык ишке барбаган, кылт этип кыйшак сүйлөбөгөн түптүз адам бар экен. Ал маңдай тери, таман акысы менен күн көрчү имиш. Тапканы-ташыганы, ичкен-жегени адалдан болуп, Кудайга колунан келишинче кулчулук кылыптыр, жарыктык. Мына ошол кулпенденин Кудайга болгон ишенимин жокко чыгаруу максатында Азезил акырындык менен аракет кыла баштайт. Баскан-турган жеринде азгырык торун жайып, момунду жолунан адаштырууга аракет кылат. Акыры шайтандын миң бир айласынан тажап, ачуусу келген адам баласы андан бул ишти токтотуусун, жанын жайына коюусун суранат. Ошондо жазгыргыч мындай деген талап коёт: "Мен сенден үч эле нерсени сурайм. Ошол үч нерсенин бирөөсүн эле аткарсаң, мен сени жайыңа коём. Же киши өлтүр, же зына кыл. Же болбосо бир жолу арак ичип көр. Ушул үчөөнүн бирөөнү эле аткарсаң, мен сенин көзүңө экинчи көрүнбөйм" деген экен. Баягы адам ары ойлонуп, бери толгонуп отуруп, акыры "Киши өлтүрүү – чоң күнөө. Мен буга бара албайм. Зынакорлук кылуу менен да өмүр бою күнөөкөр болгум келбейт. Андан көрө бир жолу арак ичип көрүп, ушул жанды койбой тажаткан желмогуздан кутулайынчы" деген чечимге келет. Ошентип ал эч кимге көрүнбөй, шаардын четиндеги аракканалардын бирине баш багат. Арактан куйдуруп ичип отуруп, бир топ кызып калат. Бир маалда эле арак саткан келин менен кантип сүйлөшүп, кантип жакшы болуп кеткенин байкабай калат. Экөө тез эле ынак болуп, бузукулук ишке барып коюшат. Так ушул маалда алардын үстүнөн арак саткан келиндин күйөөсү чыгып калат. Аялын кызганган алиги эркек чатак салып, мушташ чыгып кетет. Арактын күүсү акылдан адаштырган момун киши бир заматта албууттанган арстанга айланат. Үйдүн бурчунда турган балта менен келиндин күйөөсүн туш келди койгулап атып, жан таслим кылып жаны тынат.



Мына окурман, көрдүңүзбү! Бардык балээнин башында турган арак! Туптунук болуп мемиреп, келиштире жасалган идиштин ичинде эч бир зыяны жок мөлтүр булактын суусундай көрүнгөнү менен көптөгөн жамандыктын анабашысы ушул.

## Аксакал болбой чал болгондор күйгүздү

Совет биримдиги ыдырап, кыргыздар эңги-деңги абалга (депрессияга) түшүп калганда арак чиркин Ала-Тоонун кокту-колотторунда суудай эле акты го. Колхоздун уяң жүндүү койлорунун беш бөтөлкө аракка бааланып калышы, мугалимдер менен догдурларга айлык акынын арак менен берилиши буга чейин эч бир өлкөнүн практикасында болгон эмес чыгар.

Арак кыргыздын, мусулман баласынын тамагы эмес экенин баарыбыз жакшы билебиз. Ошентсе да эл ичинде ушундай бир жаман адат калыптанып калган экен. "Эки ачуунун бирин ала жүр". Бул арак же тамеки дегенди билдирет. Кыргыздар сыйлашууга келгенде, өзгөчө куда тосуп, кудаларды узатканда "Алып ий" деген кыстоолорун көргөн жаш балдар арыктын жээгине отуруп алып, желим идиштерди (баклашкаларды) кесип идиш жасап, чоңдорду туурап: "Алып ий, куда" деп ойноп отурганы жакшы көрүнүштөрдөн эмес.

Кечээ күнү иш мезгили бүткөн соң, адаттагыдай төртүнчү троллейбусума отуруп алып, машинелердин көптүгүнөн тыгынга толгон борбор шаарымдын "коозд угуна суктанып" кетип баратсам, пайгамбар жашынан өткөн бир аксакал алагүү болуп, шоопурга тушташыраак алдыңкы отургучка отуруп калды. Мына анан, чала кызуу болуп алган "аксакал" троллейбусту башкарып бараткан ыймандуу жигиттин мазасын бир далайга чейин алды го, чиркин. Ошолордун ЦУМга чейинки акыйнегинен улам ушул ой-толгоомду түптөп отурбайымбы... Жаштарга үлгү болуп, насаат айта турган чалдын шоопурга айткан сөзү мындай болду: "Намаз окуп эмне кыласың? Сен да мага окшоп арак ич! Бир келген ушул жашоонун жыргалын көр!" дейт. Кап, аттиң ай! Кыргыздын кадырлуу карыясынын айта турган сөзү ушул беле деги? Ушул сөздү укканда өзүмдөн-өзүм жерге кирчүдөй кичирдим. Баягы чалга ыйман тилегенден башка эч арга таба алганым жок.

Атам: "Орустун оюну жаман, тамагы жаман" деп айтчу эле. Орустун тамагын өздөштүрүп алган элдер жер үстүнөн жоголуп бара жатканын көрүп, угуп жатабыз. Буга мисал катары түндүктүн элдерин – ненецтерди, коряктарды айтсак болот.

## Карысы сонун кыргыздын

Анткени менен, дале болсо Кудайга шүгүр. Дегеним, акыркы кездерде коомубузда жаңы генерациядагы жаштардын пайда болгону кубандырбай койбойт. Илимге, ыйманга умтулуп, эл катары сакталып калуу тууралуу ойлорун ортого салып турганы – аң-сезимдүү, таза коом кура ала турган жаштардын келе жатканынан кабар берет. Коомубуздун эң кичине чөйрөсү болгон үй-бүлөлөр оңолуп келе жатат. Кыскасы бүгүнкү айтайын дегеним, жалпыга калыс сөзүн сүйлөгөн, жаштарга өрнөк көрсөтө турган нускалуу, тарбиячы аксакалдар зарыл болуп турат.

*Ак сакалын жайкалткан, калың журтка салт айткан,*

*Көк сүлөөсүн кундуз бөрк, карысы сонун кыргыздын.*

*Кыңырылып айланган, кыңылдаган балдарга,*

*Кымыз менен сүт берген, кемпири сонун кыргыздын.*

*Келеңкор чачпак кең соору, келини сонун кыргыздын,*

*Кыргый мүчө, кымча бел, кыздары сонун кыргыздын.*

*Кең көкүрөк жайык төш, намыстуу уулдары сонун кыргыздын*

Ушул ыргак менен элибизге, улуу-кичүүгө жакшылык тилеп, бардыгыбыздын сонун болушубузду каалап сөзүмдүн этегине чыгайын...

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# «Дыйкан сыртка каалаганын сатат» дешкен эле...

Премьер-министр Темир Сариев: "Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттерге айыл-чарба азыктарын эркин өткөрүүгө шарт түзүлөт", - деп ырастаган эле. Бул убаданын толук ишке ашуусу күмөн болуп турат



Фитосанитардык текшерүү

## Фитосанитардык көзөмөл алынса эмне, алынбаса эмне?

Буга чейин кыргыз-казак чек арасында бажы көзөмөлү жоюлса, эми фитосанитардык текшерүү жокко чыгарылды. Премьер-министр Темир Сариев жогорудагы убадасынан сырткары: "Биз ЕАЭБдеги өнөктөш мамлекеттердин жардамы менен ветеринардык жана фитосанитардык бекеттерди жабдуу маселелерин чечип алдык жана тыгыз кызматташтыктын негизинде кыргыз-казак чек араларында санитардык жана фитосанитардык көзөмөлдү алып салууга жетиштик. 20-ноябрдан тарта ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөл толугу менен алынат. Жыйынтыгында айыл-чарба жана мөмө-жемиш продукцияларын ЕАЭБге кирген мамлекеттердин ичинде эч тоскоолдуксуз алып чыгууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Буга байланыштуу, КР Өкмөтүнүн алдындагы Ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөл боюнча инспекциясынан ветеринардык жана санитардык абалы тууралуу жасалган иштин отчётун берүүнү талап кылам. Өкмөт дагы бул жагдай боюнча тийиштүү чараларды көрөт", - деп белгилеген. Мындан тышкары премьер-министр Кыргызстандын ЕАЭБ шарттарына шайкештик боюнча 99 иш-чара пландалып, анын 49 пункту аткарылганын жана 45 иш-чара кароодо туруп, калган бешөөнүн мөөнөтү келе элегин маалымат булактарына айтып чыккан.

## Фитосанитардык көзөмөл деген эмне?

Фитосанитардык көзөмөл бул Кыргызстан аймагына кирүүчү жана Кыргызстан аймагынан чыгуучу өндүрүмдөрдөгү зыян берүүчү кошулмаларды чектөө менен Кыргызстандын аймактык коопсуздугун коргоочу орган. Буга вирустук бактериялык оорулар себепкер болушу мүмкүн делген өсүмдүктөрдөгү жана даяр продукциядагы (сыр, чучуктар, сүт азыктары ж.б-.у.с.) микроорганизмдер да кирет.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкы фитосанитардык инспектору Бейшенкулов Руслан дыйкандар Казакстанга өз продукцияларын экспорттоо үчүн алгач жер-жерлердеги фитосанитардык инспекцияга кайрылуусу шарт экенин белгилеп, тастыктама алууда дыйкандар үчүн анчалык кыйынчылыктар жаралбай турганын, аларга ыңгайлуу болуу үчүн ар кандай шарттар түзүлгөнүн кошумчалады.

Ал: "Учурда Кыргызстандын аймагында 7 карантиндик объект бар. Ал эми Казакстанда 14, Россияда 18. Биздики алардыкына караганда аз, ошондуктан биздин карантиндик абал ал жактагыга караганда жакшы. Көзөмөл алынганына байланыштуу, биз Кыргызстандан чыгып жаткан продукциянын сапатына толугу менен жооп беребиз. Белгилүү болгондой, ЕАЭБге мүчө болордун астында алдын-ала жол картасы түзүлгөн. Андагы иш пландар бүгүнкү күндө так аткарылды. Маселен, фитосанитардык посттордун баары заманбап жабдуу менен камсыз болду. Ош жана Бишкек шаарларында 2 лаборатория эл аралык аккредитациядан өттү. Бул ошол лабораториялар тиешелүү экспертизаны толук бойдон жүргүзө аларынан кепилдик берет. ЕАЭБдин өкүлдөрү биздин лабораторияларды, постторду кыдырып келип, биздеги фитосанитардык система ЕАЭБдин талабына толук жооп берет деп, эң жогорку деңгээлдеги даярдык наамын берип кетти. Ошонун негизинде, кыргыз-казак чек арасында фитосанитардык көзөмөл толугу менен алынды. Биздин дыйкандардын өндүрүмдөрү азыркы биз берген сертификат менен толук бойдон Казакстандын базарында сатыкка коюу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Ал үчүн дыйкандар алгач эле жер-жерлердеги аймактык инспекциянын мекемелерине кайрылуусу керек. Андагы фитосанитарлар ошол кайрылган жарандын продукциясынан үлгү алып, аны лабораторияларга жиберишет. Андан соң, экспертиза жүргүзүлүп, экспертизанын тыянагынын негизинде фитосанитардык тастыктама берилет. Учурда Каркыра, Токмок, Кең-Булуң, Ак-Тилек, Ак-Жол, Чоң Капка постторундагы көзөмөл Кыргызстан тарабынан дагы, Казакстан тарабынан дагы толугу менен жоюлду", - дейт.

Бул мыйзамды Евразия экономикалык биримдик кеңеши быйыл 21-августта Москвада өткөн отурумда кабыл алган. Ага ылайык, ЕАЭБдин талаптарына жооп берген 12 ишкананын өндүрүмдөрү аталган уюмдун аймагына эркин чыгуу укугуна ээ болгон. Алардын 8и сүт азыктарын өндүрүүчү, экөөсү бал өндүрүүчү жана 2 балык өндүрүүчү мекеме.

## Акча жасоо органы гана

Анткени менен Борбор Азиялык өнүгүү корпусунун жетекчиси Абдуллаев Жума: "Фитосанитардык көзөмөлдүн алынып салынганы жакшы болду. Бирок фитосанитардык лабораториялар берген тастыктамалар жана документтер ЕАЭБдин ичине же дүйнөлүк алкакка тааныла турган документ болуусу керек. Анын өзүнүн аккредитациясы өзүнө тиешелүү эл аралык укук боюнча агреманы (жөнөкөй тил менен айтканда макулдугу) болуусу шарт, бул органдын негизги милдети. Ошол учурда гана ал органды чыныгы талаптарга жооп берген инспекция деп кароого болот. Жөн эле акча жасоо үчүн даярдалган органдын кереги жок. Учурда дүйнөлүк деңгээлге жооп бере турган жана ЕАЭБдин талаптарына туура келген лаборатория Кыргызстанда чанда болбосо жокко эсе. Ошол лабораториялар курулулгандан кийин аны дагы үстүнөн текшерип, изилдөөчү институт болушу керек. Айтор, бул орган институционалдык деңгээлде өсүп-өнүгүүсү үчүн дагы көп убакыт жана мээнет керектелет", - деп өлкөдө учурда дүйнөлүк талаптарга жооп берчү лаборатория жок экенин ишендирүүдө.

## Бул иш нугуна түшө элек

Ал эми бул иш боюнча бажы кызматынын өкүлдөрүнө кайрылганыбызда, алар маалымат бере албаганын айтып, бул милдеттеме чек ара кызматына жүктөлгөнүн билдирди. Чек ара кызматындагылар болсо аталган мыйзамга жакында гана кол коюлгандыктан, кыргыз-казак чек арасындагы абалды толук айтып бере алган жок. Андан сырткары, бул мыйзам толугу менен ишке ашып, өз нугуна түшө электигин айтышты.

"Азыр кыргыз-казак чек арасында башка чек араларга караганда абал бир аз тынч эместей. Анткени Казакстанга Кыргызстандын ар кандай айыл-чарба продукциялары көп өлчөмдө экспорттолот. Мисалы, эт, сүт азыктары. Азыр көзөмөл алынып салынганы менен кандайдыр бир жыйынтык чыгарууга кыйын. Анткени аталган мыйзамдын иш жүзүнө аша баштаганына аз гана убакыт болду", - дейт алар.


## Премьер ветеринардык көзөмөл алынат деген

"Ак жалга" ЖАКнын жетекчисинин жардамчысы Асыл айымды ветеринардык көзөмөл алынбаганы өкүндүрөт.

- Биз ар бир жиберилген өнүмдүн көлөмүнө жараша акча (250 сом) төлөп ветеринардык тастыктама алабыз жана анын негизинде Казакстанга продукцияларды экспорт кылабыз. Мындайда көптөгөн кыйынчылыктар туулуп, кээде продукция кармалып калган учурлар да болот. Фитосанитардык көзөмөл алынганы жакшы болгону менен ветеринардык көзөмөлдүн ордунда калганы орунсуз болуп турат. Премьердин ветеринардык көзөмөл дагы толук алынат деген билдирүүсү эсибизде. Сүт, эт азыктарын өндүрүүчүлөр үчүн ветеринардык көзөмөл тезирээк алынса жакшы болчудай. Анткени бизде өндүрүлгөн продукциянын 30 пайызы Казакстанга экспорттолот. Ошондуктан ветеринардык көзөмөл алынган учурда гана өндүрүмдүн көлөмү дагы көбөйөт деген ишенимдемин.

Премьер-министр Темир Сариевдин макалабыздын баш жагында айткан ырастоосунда ветеринардык көзөмөл дагы толугу менен алынат деп баса белгиленген. Бирок, коңшу казак басылмалары бир гана фитосанитардык көзөмөл алынганын жазып чыгышты. Маалыматка ылайык, ветеринардык көзөмөлдүн ордунда калышына Казакстандын тиешелүү органдарынын "Кыргызстандагы эпизоотикалык абал талапка жооп бербейт" деп айтуусу себеп болгон.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



# "Like"тын кайырчылары

Жакында эле Фейсбук социалдык тармагында "лайкка" каршы "дислайк" белгиси иштелип чыкты. Бул функцияны колдонуу үчүн атайын программаны жүктөө керек. Адамдар эмне себептен "лайк" коюшат. Аны канчалык көп алса, ошончо сүйүнүшөт

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



## "Лайккорлук"

Социалдык тармактын колдонуучусу үчүн өзүнүн жарыялагандарына, сүрөттөрүнө, комментарийлерине "лайк" алуу абдан маанилүү. Айтылуу көрүнүш учурдун белгилүү кумар оюнуна айланган. Себеби, колдонуучулар арасында тымызын атаандашуу пайда болуп, биринчиси экинчисинен "мага жакты" белгисин көбүрөөк алгысы келет. Бул бир тараптан караганда, чыныгы жашоодо көтөрө албаган өзүн сыйлоо деңгээлин интернет аркылуу көтөрүү болуп эсептелет. Жыйынтыгында, коомдо жаңы психологиялык оору, тактап айтканда, "лайккорлук" пайда болду.

Өздүк баракчасына тааныган жана өмүрүндө көрбөгөн досторду кошуу, алардын саны көбөйгөн сайын кубануу "лайккорлук" илдеттин биринчи белгиси. Өздүк жаңылык түрмөгүн күн сайын жаңыртып туруу, жок дегенде 5–10 сүрөт жүктөө, аларга көбүрөөк "лайк" алуу колдонуучуга "мен активдүүмүн" деген пикирди берип, колдонуп жаткан социалдык тармагына байлап, ооруну күчөтөт.

## "Лайк" – заманбап баарлашуу

Адамдардын бири-бирине "лайк" коюусу заманбап баарлашуунун бир түрүнө айланган. Алсак, тармакта олтуруп бирөө менен учурашсаң, андан кайра жооп алууну каалайсың. Эгер жооп жазбаса, көңүлүң калып, жагымсыз сезимдерге чөмүлөсүң. Ошондой эле тармакка сүрөт же болбосо башка нерселерди жүктөр замат досторуңдан пикирлерди, же дагы башка аракеттерди күтөсүң. Бул жерде колдонуучу үчүн эң маанилүү нерсе, коюлган "лайктардын" саны тизмедеги досторуңдун саны менен дал келүүсү.



"Лайктар" сахнага чыкканда көрүүчүлөрдүн кол чабуусуна окшошот. Бул маалымат алмашуунун өзүнчө түрү. Мисалы, эгер кимдир бирөө мага "лайк" берсе, демек ага менин кылган нерселерим жагат дегенди түюнтат. Бирок "лайк" системасы менен баарлашуу адамга "ооба" же "жок" деген эки гана тандоону берет. Демек тандоо жасоо кыйын болот.

## "Лайктар" көз каранды болууга жол ачат

Эгер адам "мага жакты" белгисин көп алса, бул анын реалдуулукта виртуалдык жашоодогудай популярдуу экенин көрсөтпөйт. Социалдык тармакта белгилүү болгон адамды чыныгы турмушта көбү таанıбашы мүмкүн.

Көп адамдар "Айланадагылар мени мактап, кабыл алып, билип туруусу керек" деген түшүнүк менен жашашат. Мындай көз караштагылар "лайктын" аркасынан түшүп алып, өзүнө жакпаса дагы окурмандарына кызык болгон контенттерди коюп, бөлүшөт. Чындыгында көңүл чордонунда болууну жактырган адамдар актер, музыканттар болушат же болбосо бул кесиптин ээлерине окшош келишет. "Лайк" алардын музасы, чыгармачылык эргүүсү сымал.

## "Лайк" бул бизнестин жаңы түрү

Көпчүлүк интернет колдонуучулар компьютердин маңдайында олтуруп алып, "лайк" менен акча табышат. Себеби "лайк" бул сапаттын дагы бир белгиси болуп саналат. Ошол себептен көрүнүктүү бренддер, компаниялар, блоггерлер социалдык тармак аркылуу иш алып барышат. Андан сырткары дагы бир жаңы ишмердүүлүктүн түрү пайда болгон. Ал ар түрдүү сүрөт, видео, жаңылыктарга "лайк" басуу менен акча табуу. Буга атайын сайттар ачылып, миллиондогон колдонуучулар катталган. Айтылуу сайттарга токтоло кетсек:

- **Vktarget** – лайктарга, публикацияларга, бөлүшүүлөргө, группаларга катталууларга акча төлөп берген орус тилдүү сайт. Фейсбук, ВКонтакте, Одноклассник, Инстаграммда катталган болсоңуз, айтылуу сайтка кире аласыз. Эгер сиз ал сайттагы бир кабарга "лайк" бассаңыз, сизге 0,5 рубль төлөп беришет.
- **Forumok** – жогорудагы сайтка окшош. Бир жакшы жери, бул сайтка катталып коюп, башка тармактар аркылуу дагы акча таба берсеңиз болот. Ар бир бөлүшкөн маалыматыңызга ошол замат акча төлөп беришет.
- **V-Like** болсо лайктар менен акча табуу үчүн эң кызыктуу биржа. Бул сайтты колдонуу үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу керек:

– Баракчага кирип, группага кошулуу бөлүмүн таап, ага "лайк" басуу;

– Атайын анкеталарга жооп берүү;

– Анкетаны толтургандан кийин, сүрөт, видеолор чыгат, аларга дагы "жакты" белгисин басуу;

– Анан "тапшырманы аткардым" деген белгини басуу. Бардык шарттарды аткарып жыйынтыктагандан кийин, сизге акча которулат.

## "Лайк" алуу жашоодон да баалуу нерсе

Учурда уникалдуу, өзгөчө сүрөткө түшөм деп жатып күтүүсүз кырсыкка кабылып, ал тургай керек болсо мерт болуулар да көбөйүп бара жаткан кез. Ушундан улам "социалдык тармакта көп "лайк" алуу ден-соолуктан дагы жогорубу?" деген суроо туулат. Атайын адистердин айтымында адам сүрөткө түшүп жатканда көңүлү чаржайыт болуп, тең салмактуулугун жоготуп, айланасындагы коркунучтарга маани бербей калат.

Жумушта, же болбосо кайсы бир жерде олтуруп алып саат сайын сүрөткө түшүп, социалдык тармакка жүктөө жашообуздун ажырагыс бөлүгүнө айланган. "Лайкты" эң көп алган сүрөттөр "хэштег" же болбосо "мен тамак ичип жатам", " бүгүн таттуу токоч жасадым", " клубда эс алуудамын" сыяктуу жеңил-желпи пикир жазылып жүктөлгөн сүрөттөр. Ошол себептүү адамдар кызыктуу сүрөткө түшүү үчүн ар кайсы жерлерге барып акча коротушат.

Азыркы тапта кеңири таралып бараткан селфи программасындагы функциялар адамдын сырткы көрүнүшүн өзгөртө алат. Демек реалдуу жашоодо сулуу эмес адам селфи сыяктуу программалар менен бир заматта суйкайып калат. Интернетте сулуулук абдан жакшы баалангандыктан, өздүк сүрөтүнө "мага жакты", "сен сулуу экенсиң" деген пикир же "лайк" алуу колдонуучуну асманга көкөлөтөт. Бирок "лайк" алуу үчүн тартылган сүрөт сүрөттөгү каарман үчүн акыркы көз ирмем болуп калышы да мүмкүн.

- Испаниянын Хаен шаарында 21 жаштагы жигит өзгөчө сүрөткө түшүү үчүн поезддин үстүнө чыгат. Натыйжада ал, токко тартылып каза болгон.
- Мексикалык 13-жашар Карен Эрнандес аттуу өспүрүм кыз селфи жасоо үчүн дарыянын боюна барып, сүрөткө түшүп жатканда тең салмагын жоготуп, сууга чөгүп кеткен.
- Польшалык жубайлар эс алуу учурунда тоого чыгып сүрөткө түшүүнү каалашат. Жыйынтыгында экөө тең жардан учуп, көз жумган.
- 21 жаштагы америкалык Оскар аттуу жигит фейсбукка кызыктуу сүрөт калтыруу үчүн өзүн-өзү атып алат. Жаш жигит үйүндөгү куралды алып, камерага түшөрдө кокусунан автоматтык баскычын басып алган. Натыйжада, ок башка тийип, ошол жерден жан берген.

Кесипкөйлөр "лайк" алуу көз карандылыгынан арылгысы келгендер үчүн психологго баруу гана жардам берерин айтышат. Бирок замандын талабы менен пайдаланып жаткан бул көрүнүштү колдонбой коюу дагы мүмкүн эмес. Болгону ар бир адам виртуалдык жашоо менен алышып жатып, чыныгы турмуштагы баалуулуктарды жоготуп бара жатканын да унутпаса.

# 100 миллионуң болсо, 100 дос таап беребиз!

2-декабрда Бишкектеги «Хаят» мейманканасында Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу ички инвестицияларды тартуу боюнча бизнес-форуму болот. Анда бир жылдан кем эмес иштеген ишканаларга 20дан 500 миң долларга чейин каражаттар каралат. ЖИА бизнес-биримдигинин мүчөсү Эльдар Абакиров Форум тууралуу жана башка экономикалык маселелер боюнча төмөнкүлөргө токтолду



Элдар Абакиров ЖИАнын Курулуш комитетинин төрагасы

## Сандыкта катылган акчалар иштейт

Учурда элдин чөнтөгүндөгү акчаларды иштетип, мамлекетке жардам берүүчү маалы келди. Ошон үчүн эң биринчи кезекте акчамды бекер куйгүзбөй иштетет элем деген жана бар ишин ирилештирем деген адамдарды бири-бири менен жолуктуруу зарыл. Мындай адамдардын бири-бирин түшүнүп, өз ара ишенимин арттыруу керек. Ушул максатта ЖИА бизнес-биримдиги келерки декабрь айынын экисинде «Хаят» мейманканысында бизнес-форум өткөргөнү жатат. Элдин катып жаткан акчасын иштетүүнүн биринчи жолу ушул. Экинчи жол «мамлекет менен жеке тармактын өнөктөштүгү» деген мыйзам бар. Бирок бул мыйзам кабыл алынганы менен, ушуга чейин бир дагы долбоор ишке ашкан жок. Эгер бир-эки эле долбоор ишке ашканда бул тез эле жанданып кетмек. Мисалы, мамлекет жеке ишкерге жер, же дагы башка объектти иштеткенге берсин. Маселен, Оштогу, же Бишкекетеги аэропортторду мамлекет өзүбүздүн жеке ишкерлерге, же дүйнөлүк деңгээлдеги ири фирмаларга ижарага берсе, алар учак майданын кеңейтип, дүйнөлүк сапатка көтөрүшөт эле. Натыйжада, учак каттамдары көбөйүп, туристтер көп келе баштамак. Кыскасы, мамлекет акча коротпой туруп, экономикабызга көп пайдасын тийгизмек.

## 100 млн долларга чейин келишим күтүүдөбүз

Эми 2-декабрдагы бизнес-форумга кайтсак. Биз 200гө жакын бизнес-долбоор жыйнап, арасынан эң жакшы 20-30ун форумдун жүрүшүндө сунсакпы дегенбиз. Азыр 50дөн ашык долбоор келди. Ноябрдын акырына чейин дагы долбоорлорду күтөбүз. «Бир жылдан ашык убакыт иштеп келген ишканасын кеңейтем. Ишиме керектүү жабдууларды алам» деген долбоорлорго 20 миңден – 500 миң долларга чейин каражат каралат. Биздин болжол боюнча жалпы суммасы 100 млн долларга чейин келишимдер түзүлүүсү күтүлөт. Бул форумда жергиликтүү инвесторлор менен жергиликтүү ишкерлерди гана чакырып атабыз. Башында ички мүмкүнчүлүктөрдү карап, өз ара жуурулушалы деген ой бар. Кийин сырттан келген каражаттар жана ишкерлер менен форум өткөрсөк да болот. Негизи бизде ушундай форумдарды дайыма өткөрүп туралы деген ой бар.

## Мамлекет иштете албаса, менчикке сатуу керек

Элдин ишеними актай турган туруктуу адамдардын өкмөткө келиши менен мамлекеттин үлүшү бар далай ишканалары жандандырса болот. Мисалы «Сингапур телеком» компаниясына инвестиция керек болгондо өкмөтү элин ишендирип, ар бир сингапурлук үй-бүлө бул ишкананын акциясын алган. Азыр ал үй-бүлөлөр жыл сайын өзүнө тиешелүү үлүшүн алып турушат. Өкмөтүбүзгө ишенимдүү адамдар келсе, аэропорттордон баштап «Мегакомго» чейин далай ишканаы жалпы элдин жардамы менен жандандырып кетсе болот. Мамлекет иштеткен ишканаларды менчиктештирүү кээде туура деп эсептейм. Себеби, мурун төлөнүп келген салыктар азайып кетсе, же өзүнө тиешелүү мүмкүнчүлүктөрдү атаандаштарына тарттыра баштаса, же менчиктештирбей тура берүү менен бардык артыкчылыктарын жоготуп, өзү да жок болуп кетүү ыктымалы жаралса, анда аны кармап кереги эмне? Сапаттуу, күчтүү кожоюн чыга турган болсо, «Мегакомго» окшогон кымбат компанияны баасы чыгып турган кезде сатып жиберүү деле туурадыр. Мамлекет ишенчтүү, заманга жараша иштей алган жана күчтүү башкаруучу тарта албаса, анда сатып жибергени деле оң. Ушул жерден баарынан өкүнткөнү эл арасындагы «Бир нерсени жок кылам десең мамлекетке бер» деген сөз акыйкат бойдон калууда.

## Курулуштан кимдер соо чыгат белгисиз

Азыр солгундап бара жаткан курулуш сектору боюнча жалпыланган так маалымат жок. Бирок ЖИА бизнес-биримдигине кирген 30 курулуш компаниясынын жарымынан көбүн кыдырганыбызда жумушчу орундар 2-3 эсеге азайып, курулуш темпи 2-3 эсе жайлап калганына күбө болдук. Анткени менен азырынча жумушун таптакыр токтотуп койгон ишканалар жок. Учурда курулуштагы бир жылдык кризистен кимдер аман-соо чыгары так белгисиз. Кайсыл компаниялар толугу менен токтоп, кайсынысы жумушун улантып кете алары жазында гана даана белгилүү болчудай. Жалпысынан курулуш тармагы толугу менен токтоп калбайт. Бирок кризис 2-3 жылга созулуп кетсе, 10 эсеге чейин басаңдоо болуусу мүмкүн.

## Жумушчулар Эренге, кожоюну Тереңге

Буга чейин «Бажы уюмуна кирсек, айыл-чарба шумдук жанданат» деп Өкмөт тарабынан айтылып кеткен сөз эле. Ушундан улам жыйынтык чыгара турган болсок, курулуштан кеткен адамдар айыл-чарбасына өтүүсү керек болчу. Бирок, менимче алар айылга деле барбайт. Себеби биздин айыл-чарба өндүрүмдөрүбүзду Казакстан да, Россия да киргизген жок. Тилекке каршы, курулуштан бошоп калган адамдар кайра эле Россия, Казахстан же дагы башка мамлекеттерге чыгып кетүүгө мажбур болуусу мүмкүн. Курулуштан кеткен жарандарыбыздын көбү жогорку деңгээлдеги кесипкөй адамдар эмес. Мисалы, алардын арасында кыйын ширетүүчүлөр деле бар. Бирок алардын көпчүлүгү бетон куюу, арматура токуу, кыш коюу, кафель кыноо же чатыр жабуу сыяктуу орто кесипкөйлүктү талап кылган кара жумуштарды билишет. Ал эми курулуш ишканаларынын кожоюндарына келсек, алар Россия менен Казакстанда деле атаандаштык кылууга жарайт. Бирок азыр ал мамлекеттерде да кризис бар. Ал эми андан башка мамлекеттердин курулушчуларына атаандашуу кыйыныраак. Ошол эле АКШда кыргыздардын чатыр жапкан бригадалары көп дешет. Анткени менен андай өнүккөн мамлекетке виза алып, ал жакта жашап кетүү кыйын.

## Мамлекет курулушка бир тамчы суу берди

Кечээ жакында 300 млн сом ипотекалык программага бөлүндү деген жаңылык чыкты. 300 млн сом курулуш үчүн бир тамчы тамызгандай эле кеп. Бүгүнкү күндүн курсу менен санаганда, бул 4 млн доллар дегенди билдирет. Буга учурда 1 чоң же 3 кичине көп кабаттуу үй салсаң болот. Албетте, бул жоктон көрө жогору, бирок, Бишкекте бүтпөй жаткан курулуштардын аягына чыгыш үчүн 4 млн эмес 40 млн доллар керек. Эгер негизги максат жумушсуздуктун алдын алып, социалдык чыңалууну басаңдатуу болсо, анда баштан-аяк жаңы курулуш объектилерин куруп чыгыш керек. Эгер мамлекет жер бөлүп берип, керектүү коммуникацияларды, т.а. светти, сууну, газды, жылуулукту жана канализацияны жакындатып берсе, анда ар бир чарчы метрдин баасы арзандамак. Азыр курулуш компаниялары 1 чарчы метрди 600 доллардан сатып атса, мамлекеттин мындай жардамы менен бүткөн үйлөрдүн баасын 400-500 долларга түшүрүүгө мүмкүн. Башка мамлекеттердин тажрыйбасын колдонуу менен андай батирлердин акчасын кайра эле жаңы курулушка салса болот. Айына 10-15 миң сомдон төлөп отуруп, акыры батирдин ээси болом деген үй-бүлөлөр көп эле болуш керек. Мисалы, батир 20-30 миң долларга бааланса, башында 5 миң долларын берип, калганын бир айда 10-15 миң сомдон төлөп отуруп батирдин ээси болгудай кылып эсептеп чыкса неге болбосун? Бул ай сайын түшүп турган акчаларды кайра эле кийинки курулушка салып тегеретсе, жакшы натыйжаларды берет. Мамлекет муну менен коомдук стабилдүүлүктү узак мөөнөт сактап тура алмак.

## Назарбаев 2008-жылкы кризистен жакшы чыкты

Негизи курулуш тармагын – экономиканын локомотиви деп коёт. Анын аркасы менен жок эле дегенде 9 тармак кошо жанданат. Ошондуктан мамлекет ушундай ири долбоорлорду жүргүзсө жакшы болмок. Мисалы, Нурсултан Назарбаев «Нурлуу жол» деген чоң жолдорду салуу жана башка инфраструктуралык ири долбоорлорду ишке ашыруу менен Казахстанды 2008-жылкы экономикалык кризистен чыгарып кетти. Муну ар бир адам байкай алат. Коңшу өлкө аркылуу эл аралык мааниге ээ болгон транзиттик жолдор курулду. Анын аркасы менен жумушсуздуктун да деңгээлин төмөндөтө алышты. Экономиканын дөңгөлөгү токтоп калган жок. Мамлекеттерди бириктирип турган оор жүк ташуучу унааларды көтөргөн мындай транзиттик жолдор өзүн-өзү актайт. Бизге дагы азыркы кризистин кесепетин азайтуу үчүн жол салууну, курулушпу, тоо кен байлыктарын казууну, айтор ушул сыяктуу мамлекеттик программалар керек. Азыркы кризиске карабай, баалуулугун жоготпогон эки-үч тармакты мамлекет жандандыруусу зарыл.


Материалды даярдаган
ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Ат жабдыктарынын наркы канча?

"Ат сураган кордук эмес, ээр сураган кордук" деп бекеринен айтылбаган чыгаар. Ат жабдыктары ар качан кыргыз элинин турмушунда маанилүү орунду ээлеп келген. Эмесе, төмөндөгү маалымдама ээр токумдарын сатып алууну көздөп жүргөн ат жандуу кыргыз уулдары үчүн



**Тердик** – ээрдин астына, ичмектин үстүнө салынуучу, аттын жонун ээр басып жоорутпоо үчүн колдонулуучу токум. Тердиктин мыктысы булгаарыдан тышталат. Баасы 800 сомдон 5000 сомго чейин.



**Желдик** – ээрдин эки каптыргасына кынаптала өлчөнүп, катталып, катуулай шырылган кош кийиз. Наркы 600 сомдон 1500 сомго чейин.



**Ээр** – карагай, тал, терек өңдүү жыгачтын түрлөрүнөн жасалып, кыргыз ээр жана орус ээр деп экиге бөлүнөт. Орус ээрдин наркы арзан жана бардык жакка колдонсо болот. Бул ээрдин баасы 7000 сомдон 25000 сомго чейин. Кыргыз ээр жыгачтан жасалып бир топ мээнетти жана убакытты талап кылат. Андан сырткары, кыргыз ээрдин чоң-кичинеси, ат чабышка, улакка ж.б. көптөгөн түрлөрү бар. Жакшы жасалган кыргыз ээрлерин көбүнесе сыйга сатып алышат. Азыркы күндө анын баасы 50 миң сомдон 200 миң сомго чейин.



**Куюшкан** – аттын куйругунун алдынан өтүп ээрди кармап турган 2 метрдей кош кайыш. Токулган ээрди эңкейиште моюнга кетирбөө үчүн колдонулат. Куюшкандын баасы 500 сомдон 2000 сомго чейин.



**Көмөлдүрүк** – өрмө кайыштан жасалуучу, өр таяна бастырганда ат токулгасы артка жылып кетпеш үчүн тагыла турган ат жабдыгы. Наркы 500 сомдон 2000 сомго чейин.



**Басмайыл** – кайыш жана өрмө аркылуу бүткөрүлүп, токулганы бекитүү үчүн унаанын белинен тартылуучу ат жабдыгынын бир бөлүгү. Басмайылдын баасы 500 сомдон 2500 сомго чейин.



**Жүгөн**. Эл ичинде «адеби жок жигит, жүгөнү жок атка окшош" деген накыл кеп бар. Ал атты башкаруу үчүн башына тагылып, тизгин, ооздук сыяктуу бөлүктөрдөн турат. Жүгөндү 1200 сомдон 2100 сомго чейин алса болот.



**Үзөңгү** – унаа үстүндө тыкан, түз жана тең салмакта жүрүүдө, аттанып түшүүдө бутка таканч болуп, темингүгө ылайыкташкан, ээрдин эки каптылына тагыла турган ат жабдыгын бир бөлүгү. Үзөңгүнү 300 сомдон 10 миң сомго чейин тапсаңыз болот.



**Камчы**. Ат минген адамдын негизги куралы. Камчынын кымбаттары текенин мүйүзүнөн жасалып, кармай турган жерине кызыл, күрөң, кара булгаары капталып, ага 7–9 төкмө чачы чыгарылат. Камчынын баасы 600 сомдон 5000 сомго чейин.

## Ат жабдыктары сатылуучу жайлардын даректери:

"Эскадрон" дүкөнү. Бишкек шаары, Элебесов көчөсү,72. Александр – 0703914303
Ош шаары, Манас айылы, Азамат көчөсү, №21 үй. Байланыш номери: 0556080687
Бишкек шаары, Элебесов көчөсү, ат спорту мектебинин ичи. Али – 0707173142
Бишкек шаары, Лев Толстой көчөсү, Маша 0555956555
Токмок шаары, Чүй айылы, Өмүрбек Жолдошбаев 0705353677

## Өмүрбек Жолдошбаев: «Кыргыз ээри талбаган мээнетти талап кылат»

Эл ичи өнөр кенчи демекчи, караган көзду кадалтып, көздүн жоосун алган ээрлери менен таанымал Өмүрбек Жолдошбаев сыймыктуу өнөрү тууралуу маек курду

**– Ээр чабуу сизге атадан мурас болуп калган өнөрбү? Деген бул ишмердикти аркалаганыңызга канча болду?**

– Ээр чабуу мага атадан калган өнөр эмес, өзүм аракет кылып, изденип атып үйрөнгөм. Усталардан бирин-экин түшүнбөгөн жерлерин сурадым. Баардык нерсе дароо эле жакшы болбойт. Сөзсүз кемчилик кетет экен. Тажабай жасай бериш керек. Талбаган мээнеттен кийин гана элдин талабына жооп бере турган нерсе жаралат. Ээр чаап атканыма билинбей 15 жыл өтүптүр.

**– Сиз жасаган ээр токумдар башка ээр токумдардан эмнеси менен өзгөчөлөнөт?**

– Өзгөчөлүк катары, мен-де ээр токумдун түрлөрүнүн көптүгүн айта алам. Бир жерде эле тура бербейм. Кайра-кайра эле окшоштуруп жасабайм. Мисалы үчүн азыр жаңы оймо чегилген жүгөндөрдү жасадым. Буларды аламан байгелерге түшкөн күлүктөргө алышат. Ээр чабууда күчтүү фантазия керек, ээрди түрлөп жасаса болот.

**– Бир ээрди чабууга канча убакыт кетет?**

– Кыргыз ээри 3 айдын тегерегинде бүтөт. Орус ээр кыргыз ээрге салыштырмалуу ылдам даярдалат 2 жума, кээде бир жумада бүтүрөбүз.

**– Кыргыз ээри көбүнөсө белек үчүн берилет дешет.**

– Кыргыз ээри аялуу нерсе да. Ошол себептен көбүнчө белек кылууга алышат. Күнүмдүк колдонулган кыргыз ээринин баасы 40–50 миң сом.

**– Ээр токум сатып алам дегендерге кандай кеңеш бересиз? Ээрди кантип тандаш керек?**

– Ээр жасаган адамдын кепилдигин алыш керек. Ээр канчалык кооз болбосун, 2 жума токугандан кийин аттын жонун жоорутуп ийсе, анда анын кереги эмне. Ээр деген эң биринчи аттын жонуна жакшы отуруп, жоорутпашы керек. Ээр токум атка жеңил болуп, жонуна койкоюп отурушу зарыл. Анан кайыштан жасалганбы, булгаарыданбы ушунун баарын дыккаттап карап алыш керек. Кайыш менен булгаары бир тууган. Ушул экөөнүн айкалышы сапатты берет жана бышык болот.

Бетти даярдаган
РАХАТ АКМАТОВА

# А.Акылбекова: «Күчтүү билим кымбат кийимден жакшыраак»



**Туулган жылы:** 23-февраль, 1983-жыл
**Кимден үлгү алат:** Пайгамбарыбыз Мухаммад
**Тарбиянын натыйжасы:** Аркаңда дуба кылуучу балдар калыш керек
**Нараазы:** Элди экиге бөлгөндөргө
**Дагы бир өмүр берилсе эмне кылмак:** Жоолукту убагында салынмак

Чындыгында жашоомдун жакшы да, жаман да күндөрү турмушка болгон көз карашымды тереңдетип, ар бир нерсенин баасын билүүгө үйрөттү", – деген Айжан Акылбекова "Саресеп" гезитине салмактуу ойлорун айтып, энелик насааттары менен бөлүштү

## Кыргыз тарыхын окуганда сөзсүз кубанбай койбойсуң

Кыргыз элибиздин тарыхын чагылдырган китептерди көп окуганга аракет кылам. Кыргыз болгондон кийин "элимдин мурунку жашоосу кандай болгон" деген суроо ар бирибиз үчүн кызык болсо керек. Ошондуктан тарых китептерин кызыгуу менен окуйм. Андай китептерди барактап отуруп, элибиздин жоомарттыгын, кең пейилдигин көрүп, сөзсүз суктанып, кубанычка батам. Андан сырткары, жумушка тиешелүү, же балага тарбия берүү боюнча даярдалган китептер динибиздин асыл баалуулуктарына каршы келбесе, аларды да окуйм. Ал эми Исламга тиешелүү китепти күнүмдүк беш маал намаз окугандай эле окуш керек деп ойлойм. "Куран тафсирин", "кырк хадисти", "Пайгамбарыбыздын тарыхын" азыр күнүгө окуп турам. Пайгамбарыбызга болгон сүйүүнү ойготуу, анын жашоосунан үлгү алуу үчүн күн сайын окууга аракет кылам.

## Окуган китебинин маани-маңызын эмнеге түшүнбөйт?

Негизи адам көп китеп окуганы менен жашоодо аны өзү көрмөйүнчө, окуган китебинин маани-маңызын түшүнө билбейт деп ойлоймун. Чындыгында, менин жашоомдогу жакшы күндөр, кыйынчылык күндөр баары жашоого болгон көз карашымды тереңдетип, ар бир нерсенин баасын билүүгө үйрөттү. Бул жашоодо бир нерсени карманып, түбөлүк сактап калууга мүмкүн эмес экенин түшүндүм. Аны канчалык бааласаң дагы, барктасаң дагы, биротоло алып калуу колуңдан келбейт экенин билдим. Жоготкон адамдарың менен түбөлүк жашоодо бирге болом деген ишеним, түбөлүк жашоону берген Жаратканга чексиз үмүт артуу жашоого дем берет экен. Анан кантип Аллага сыйынып, жалынып-жалбарбайсың.

## Атаңар жок болсо, энеңер бар

Мен балдарыма биздин аркабыздан, бизге дуба кылуучу балдар калыш керек деп көп айтам. Кыял дүйнөсүн ойготуп, элестеттирип айтканга көп аракет кылам. Мисалы, биз кабырда жатканда жалгыз болобуз. Бизге эч ким жардам бере албайт. Бир гана силердин дубаңар жардам бериши мүмкүн. Силер ошондой балдардан болгула жана ошондой балдарды тарбиялагыла деп көп айтып калам. Балдарым атасынан эрте ажырагандыктан, башкалардын атасын көргөндө кээде оор кабыл алышат. Аны байкаганымда ата-энеси жоктор деле жүрөт. Кудайга шүгүр, атаңар жок болсо да мен бармын деймин. Жаштайынан жетим калган пайгамбарыбыздын өмүр баянын окутуп, чечмелеп айтып бергенге аракет кылам. Деги эле балдарымдын тарбиясынын өзөгү – ислам. Ошону менен бирге эле азыркы заманда зарыл болгон билимдерди алышына да шарт түзүп берем. Балдарыма кымбат кийимдерди алып бергендин ордуна, тил курстарына жибергенди туура көрөм.

## Жаштарыбыз анализ кылганды жакшы билишет

Адам коомдон эмнени издесе, ошол нерсени көрөт. Ошондуктан мен ар дайым адамдардын жакшы жагын көргөнгө аракет кылам. Азыркы учурда жаштардын кабыл алуусу жакшы деп эсептейм. Алар анализдеп көрөт. Далил издешет. Мисалы менин тегерегимдеги жаштардын баары мен айткан нерселерди анализдеп, талдап анан ошол ишти аткарышат. Ошондуктан биз адамдарды жакшы жакка чакырып, жакшы иштерге гана энергиябызды кетиргенибиз оң деп эсептеймин. Азыр Ислам дини боюнча маалымат алууну каалаган жаштарыбыз көп. Ошондуктан биз аларга туура маалымат, туура багыт көргөзө билишибиз керек. Туура багытка айткан сөзүң менен жасаган ишиң дал келсе гана башкаларды ээрчите аласың.

## Так эрежелер менен жашасаң чыныгы достор пайда болот

Жашоодо эреже болсо, демек биз түз жүргөн адам болобуз. Ар бир ишиңде Алланын ыраазылыгын көздөсөң тактык табиятыңа сиңип, ийгиликке жетишесиң. Анан адамдар сени менен иштешсек экен деген үлгүлүү адамга айланасың. Кылган жакшылыгыңдын акыбетин күтпөй башка бирөөгө жакшылык кылганды үйрөнсөң, чыныгы досторду таба аласың. Адам өзүнүн чөйрөсүн өзү тандайт, ага эч ким күнөөлүү эмес. Эгер чөйрөңдөгү адамдардын мамилеси жакпаса, анда алардан кол үзүү керек. Өзүңдү мажбурлап мамиле кыла албайсың да... Ошондуктан ар бир адам өзүнүн чөйрөсүндөгү адамдарга олуттуу карашы керек.

## "Эл эмне дейт" түшүнүгү "Жаратуучу эмне дейтке" өзгөрдү

Жоолук салынганга чейин жана жоолук салынгандан кийин. Бул экөө эки башка жашоо болду. Жоолук салынганга чейинки максаттарым, баалуулуктарым башка болчу. Ал эми жоолук салынгандан кийин, баалуулуктарым да өзгөрдү. Эң негизгиси эркиндик сезими пайда болду. Мисалы, жоолук салына элек кезде конкреттүү бир ишиме кимиси эмне дейт болду экен деп ар бир адамды көз алдыма элестетип жүрсөм, азыр кылган баардык ишиме Жаратуучум кандай дейт деген туруктуулук алып келген гана ой бар. Ошондуктан дин адамга эркиндик берерине ынандым. Азыр менин жасаган ишим Жаратканга жагыш керек жана Ал койгон чектен чыкпашы керек.

## Көңүлдөгү боштукту диним толтурду

Биринчиден Аллахым туура көргөн, арүүлүктү туу туткан энелерибиздин жолуна түшүүмө жолдошум себеп болду десем болот. Мен кичине кезимдеги актриса болсом деген кыялым ишке ашып, кинолорго тартылгандан кийин, көңүлүмдө кандайдыр бир боштук пайда болду. Эмне жашоо ушунусу менен эле кызыкпы? Ушул бойдон эле жашап өтөмбү деген ойлор пайда боло баштады. Ошондо жолдошум "Ислам дини менен таанышып көрбөйсүңбү" деп сунуш кылып калды. Ошентип, ал мага ислам дини боюнча биринчи түшүнүк берген агай менен тааныштырды.

## Өзүнө ишенбеген адам башкалардын баалуулугу менен жашайт

Азыркы заманда адамдардын ортосундагы мамиле материалдык баалуулукка жараша болуп калды десек болот. Бизде азыр баалуулук эмне? "Тигинин депутат менен байланышы бар" же болбосо "тиги аябай чоң бизнесмен" деп мамиле кылып калышты. Мындай адамдар жашоодо чыныгы максаты, багыты жок адамдарга гана туш болушат. Өзүнө ишенбеген адам гана башкалардан баалуулуктарды издейт. Жашоосу жакшы, тартиптүү болушун адамдардын баардыгы каалайт. Ал эми мунун баары Исламда камтылган. Адамдар үчүн Исламдын эшиги дайыма ачык. Көпчүлүк ичине кирип таанышпай эле сыртынан күйпөлөңдөй беришет. Киргиле ошол эшиктен. Киргиле да маалымат алып, жашооңду тартипке келтиргиле деп айтар элем.

## Кыргызга душман сырттан келбейт. Алар өзүбүздөн чыгат

Адамдар динди туура кабыл алып, жашоо тартибин өзгөртүп, туура багытка бара жатканына кубанам. Азыр динге жоопкерчиликтүү мамиле кылына баштады. Каалаганын сүйлөп коюу жок болуп баратат. Бирок, тынч жаткан, өзүнүн турмушу менен өзү күрөшүп жүргөн, башкалардын тандоосун, укугун сыйлап жашаган элибизди кандайдыр бир күчтөр эки жакка бөлүп жатат. Адамдар ушул нерсеге олуттуу караса деп ойлойм. Мени менен жоолук салынбаган кыздар дагы эмгектенишет. Мага "Сен эмнеге араптарды туурап кара кийинип алдың" деп эч кимиси айтпайт. Негизи эле кыргызга душман сырттан келбейт, алар өзүбүздүн ичибизден чыгат. Бизди бөлүп-жарып, бирден сындырып жок кылгысы келген адамдар биздин ичибизде. Ошондуктан биз бул нерсеге өтө маани берүүбүз керек. Жөнөкөй бол, эч качан өзүңдү башкалардан жогору койбо. Сен өзүңдү жогору койгонуң, ошончолук төмөндөгөнүң экенин биле жүр. Адамдардын ишенимине татыктуу бол. Аракеттенип, дайыма алдыга умтула берүүдөн эч качан тажаба.

Материалды даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Кегети кандай, аманбы?

## Насирдин Байтемировдун 100 жылдыгын утурлай...

Залкардын көзү өткөндөн кийин үй-бүлөсүнүн аянычтуу тагдырына күбө болуп отуруп: "Кыргызым, биз ушинтип жоголуп баратабызбы?" деген ой мээме каңк этти. Ушундан улам, улуу жомоктогу Айкөлү өлүп, Семетейи кайып болуп, Канчоронун торпогун кайтарып, кордук көрүп, өлөйүн деп өлө албай жүргөн Каныкей энебиздин элеси көзгө мунарыктап тартылды. Тарых ушинтип кайталанмакчы беле...

### Чын-бышыгын билели деп..

Адаттагыдай эле кыргыз адабиятынын үлкөндөрүнүн биринин жашоо-таржымалын гезиттин ушул санына пландуу түрдө жарыялайын деп ниет кылып отургам. Кесиптешим Насыпбек: "Байке, Токмок шаарына барып келели. Насирдин Байтемировдун үй-бүлөсү кыйын абалда экен. Ошолордун ал-акыбалын билип келбейлиби", – деп мага кайрылып калды. Экөөбүз болжошуп алып, дем алыш күнү Токмок шаарына бет алдык. Токмок шаарына жетип, Бактыгүл Асранкулова аттуу Токмоктогу Кыргыз-Түрк лицейинин кыргыз тили жана адабият мугалиминен Насирдин Байтемиров агайдын жесири Мария эженин дарегин сурап билип, үйүнө ана-мына дегиче жетип бардык. Эскилиги жеткен үйдүн сыртынан совет учурунда көпчүлүк үчүн курулган барак тибиндеги үй экенин боолголодук. Эшикти жашы кырктардан өтүп калган, оору менен алышып жүргөндөй түрү бар, кайгылуу үшкүргөн жигит ачып, бизди ичкери киргизди. Үйдүн кире беришинен өзүн карылыкка алдыра элек, жүзүнөн нур тамган жетимиштен өтүп калса да интелигенттүү, бою-башын абдан тыкан алып жүргөн байбиче тосуп алып, бут кийимибизди ички бөлмөгө эле чечишибизди өтүндү. Чынында, бул адамдардын карыпчылык күндөрдү башынан өткөрүп жаткандыгы кире бериштен эле көзгө урунду. Эки бөлмөлүү "финский там" экен. Мария апа кимдир-бирөөнү күткөндөй, атайы боорсок бышырып, дасторкон жайып, чайын кайнатып коюптур.

Дасторкон четине отурганда эле өзүбүздү тааныштырып, эмне максат менен келгенибизди түшүндүрдүк. Бир чыны чайдын үстүндө антип-минтип таанышканча, суроолорубузду четинен узата баштадык. Чындыгында биз үчүн заманыбыздын залкар адамы, "Токтогул" атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси, Кыргыз эл жазуучусу, адабияттын төрт жанрында эркин жазган Насирдин Байтемировдун үй-бүлөсү ушундай абалга кантип келип калгандыгы табышмак эле.

### Канатымдан кайрылдым, балдарыман айрылдым

Мария апа бизге кайраттуулук менен башынан өткөргөн узун сабак арман-күүсүн четинен айтып баштады. "2008-жылы уулдарым – Таалай, Чынарбектер автокырсыктан жабыркап, аларды айыктырып алам деп ооруканадан ооруканага чуркап жүрүп акыры шаардын чок ортосу "Моссоветтеги" үйүбүздү сатууга туура келди. Бирок, жазмыш ошол экен, канча кылганга болбой эки балам тең жакшы боло албай көз жумуп кете берди. Ошентип, заматта уулдарыман да, үйүмөн да айрылып отуруп калдык. Кичүү уулум – Байтемиров Адили башынан жабыркап, 2-группадагы майып болуп калган. Берки уулдарыман келиндерим, неберелерим бар. Алар шаарда турушат. Жанымдагы балам оорукчан болуп калганда, аялы балдарын алып кетип калган. Өзүм болсо, кант диабети менен ооруйм. Эки көзүм тең көрбөй калды. Бир көзүмө ноокаттык депутат Алтынбек Сулайманов операция жасатып берди. Бишкектеги үйдү сатып жибергенден кийин, квартиралап калганбыз. Кийин үч ай батирдин акчасын төлөй албай калганыбызда, үйдүн ээси орус аял бизди көчөгө чыгарып койду. Үйдөн болгону Насыкемдин жеке архивин: сүрөттөрүн, кол жазмаларын, китептерин гана алып чыкканга үлгүрдүм. Калган оокатыбыздын баары кала берди.

### Кегетилик туугандарга жакын деп көчүп келдик

Ошентип сыртта калгандан кийин Насыкем өзү Кегетилик болгондуктан, туугандарыбызга жакыныраак деп Токмокко көчүп келдик. Ал кезде бул жакта мэр болуп Өмүрканов Анвар деген жигит иштеп турган. Жагдайыбызды айтсак, "Жилищний управлениенин" башчысы Чотбаев Кадырбекти чакыртып: "Ушул кишилердин маселесин тезирээк чечип бер" деп тапшырма берди. Натыйжада, Чотбаев Кадырбек издеп жүрүп, ушул үйдү бизге таап берди. Үй табылды дегенинен келсек, ичинин баары бир укмуш экен. Кайрадан Өмүрканов Анварга кайрылсак, тез аранын ичинде үйдү ремонттотуп бергиле деп Чотбаевге буйрук берди. Эки айдын ичинде үйдү оңдоп, меш салып беришти. Бул убакта биз ар кайсы үйгө түнөп, талаалап жүрдүк. Качан үй бүттү дегенде келип, жашай баштадык. Тиги бурчта турган кичинекей мешти салып коюшкан экен, сүйүнүп эле келип от жактык. Кичине деп турсак тим эле үйдү укмуш ысытат экен. Ого бетер сүйүнүп эле тиги бөлмөдө отурганбыз. Аңгыча эле уулум сыртка чыгып "Апа, үй өрттөнүп атат" деп кыйкырды. Көрсө, бул үй жыгачтан салынган тура. Меш салгандар туура эмес кылып коюшуптур. Түнү менен баягы баланы кайра чакырып, өрт өчүргүч чакырып атып үйдү араң алып калдык. Баягы Кадырбек деген жакшы бала экен, өзү чуркап жүрүп баарын кайра ремонттотуп берди.



**Насирдин Байтемиров** – акын, прозаик, драматург

Негизи бул үй Токмок шаарынын мэриясынын балансында турган үй экен. Бирок, эч ким карабай бош калганда кайдагы бир орус кемпир ээлеп кирип алыптыр. Өзүнүн бала-чакасы деле бар экен. Ошого карабай бул үйдү жалгыз ээлеп, тим эле темир-тезектен бери ташып киргизип алыптыр. Ошолорду сатып жан багат окшойт, кыязы. Короонун баары эле акыр-чикир. Бул биз кирген үйдү да склад сыяктуу пайдаланып жүрсө керек. Жеке басар болуп, жаман көнгөн неме келгенибизди жактырбай, дааратканага киргизбей кодулап жаман кылды. Анысы аз келгенсип, он чакты ит багып алыптыр. Бир жолу уулум даараткана барса, иттерине талатып, араң ажыратып калдык.

Өзүм үй алуу боюнча көп жерлерге кайрылдым. Мурунку Маданият министри Султан Раевге нечен ирет бардым. Ал киши искусство институтунун жатаканасынан бир бөлмө алып берем деп, эки жыл убара кылды. Күнүгө барып эшигин кагып жүрүп тажаганда барбай калдым. Андан башка да көптөгөн жерлерге кат жаздым. "Атамбаевге кирүү оңой" деген сөз бекер эле сөз экен. Эч кандай кире албайт экенсиң. Мурунку премьер Ж.Оторбаевге кат менен кайрылсам, "бул маселени Ниязалиева чечет" деп жооп кайтарды эле, Ниязалиева деле эч нерсе кылган жок. Акыры эми жок дегенде ушул турган үйдүн документин алалы десек, шаардык депутаттардын төрагасы Ташбаев деген жигит: "Бул үйгө документ чыгарганга болбойт. Бул үй Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин каттоосунда турат" – деп болбой койду. Анысы аз келгенсип: "Үйдө жашоо үчүн келишим түзүш керек", – деди.



**Байтемировдун жубайы Мария менен уулу Адили**

*Уландысы 11-бетте*

# Жеңеңен айтам саламды!

Келишим боюнча биз айына мерияга 1400 сом төлөшүбүз керек экен. Чынында, анысы кагазда жазылуу турат, бирок төлө деп эч кимиси келе элек.

### Баламдын күнү не болот?

Өзүмдүн жашым 70тен ашып калды. "Жаман айтпай жакшы жок" дейт. Кокус бир нерсе болуп кетсем, бул баламдын көргөн күнү эмне болот? Учурунда Насыкем тирүү кезинде куттуу үйдө турчу элек. Үйүбүздөн он беш союздук республиканын биринчи жүздөрү даам татып, сый көргөн учурлары болду эле. Өзүңөр билген Чыңгыз Айтматов да үйүбүзгө көп-көп келип турчу. Тагдыр дегенге айла жок тура. Эми минтип, карыпчылык күндөрдү башыбыздан өткөрүп жатабыз. Анткени менен жакшы адамдар дале бар экен. Бактыгүл Асранкулова деген мугалим келиндин жакшы сөздөрү, жардамы жашоого болгон үмүтүмдү кадимкидей тирилтип койду. Токмоктогу Кыргыз-Түрк лицейинин жетекчиси отунун, көмүрүн, бир кап унун берип жибериптир. Эми "короодон суу чыгарып беребиз" деп аракет кылып жатышат", – деп Мария апа жакшылыгын аябаган инсандарга жетине албай, ыраазычылыгын билдирип жатты.


Насыпбек экөөбүз Мария апанын айтып берген ары кызыктуу, ары татаал турмушун угуп, Насирдин Байтемировдун жеке архивин көргөнүбүзгө жетине албай отурдук. Өзгөчө Насирдин атабыздын Алыкул менен Москвадан түшкөн сүрөтүн көргөндө кадимкидей толкунданып кеттим. Себеби, бул сүрөт буга чейин эч бир басылмага, китепке чыккан эмес. Эженин архивинде кыргыз адабиятынын дөө-шааларынын тарыхый көз ирмемдери чагылдырылган. Мария апанын Насирдин дегенде ичкен ашын жерге койгон чыныгы "насирдинчи" экендиги анын кылган иштеринен көрүнүп турду. 96 беттүү жалпы дептерге Насирдин Байтемировго байланыштуу мезгилдик басма сөздөрдөгү бардык маалыматтарды иретүү чогултуп, эскерүүлөрүн, залкарлар менен болгон окуяларды жазып отурганы бизди сүйүндүрдү. Бир көзү көрбөй калса да, арбагы ыраазы болсун деп, ошол дептерге абышкасынына болгон арзуусун, махабатын жазып жатып, артында калган жалгызынын көрөр күнүн ойлоп жүрүптүр. Бул жолугушуу тууралуу жаза берсең, гезиттин форматы да туура келбей калчудай.

*Айланайын атпай журт! Бул үй-бүлөгө колуңардан келишинче жардам бергиле! Каалагандар үчүн дареги "Сарсеп" гезитинин редакциясында бар. Кайдыгер болбогула, туугандар!*

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ



Кегетиде коноктор менен



Мария апанын ашканасы



Орустун кабанаак иттери



Залкардын жубайы жашаган кепе там

## Чыйрактан чечен баткан, улуттан нечен баткан, бир жесир баткан жокпу...

Көзүнө жаш алып муңканып отурду апа. «Жашоо ушул экен. Бир кезде үйүбүздө казы-карта желбей төгүлүп турчу эле, эми минтип нанга жетпей калдык» деп жашып отурду. «Кесир кылган элек, мейли эми, ошол кесирибизди тарталы» деди кайра чыйралгансып

Көзүмө дүңгүрөп өтүп жаткан той-топурлар элестеди. Биринин артынан бири келип, бир кашык ууртаалып-ууртталбай төгүлүп жаткан дүйүм-даамдар тартылды көз алдыма. «Биз да кесирибизди тартабызбы анда?» деп жүрөгүм шуулдады. Бирок, бет маңдайымда турган көрүнүш оюма кылт дей калган санааны бир заматта жууп кетти. Ооба, апанын карегине толуп, мөлт этип агып кетчүдөй жылтырай түшкөн көз жашы менен ат башындай арманы жан дүйнөмө кайрадан дүрбөлөң салды. «Үйүмдү жоготуп алдым» деди ал. Кудум кутун учуруп, очогун коңторуп алгандай, кудум ырысын качырып, таалайын алдырып ийгендей жан кейите сүйлөдү. Кейибей кантсин бечара? Жетимиштин кырына чыгып, сексенди карай кадамдап калганда талаада калгандан өткөн коркунучу барбы? Же бир жатып ичер жармач, сатып ичер алкаш болсочу...

«Уулум да майыпка айланды минтип» деди жанында отурган уулун көргөзүп. «Карыганда караан туткан жалгызым да мени карап колумда отурат» деди. «Майыптар көп азыр» дегим келди аргам кеткенде. Өйдө жактагы намыс деген мүчөсү жок туулуп, бир күн кийинкисин көрө албаган тубаса сокурлар эсиме келди. Бирок, айта алганым жок. Абийирим жол бербей турду. «Андай оорунун белгилери сенде деле бар» деп ийчүдөй сезилди кимдир бирөө. Адыраңдап кийим тандап, аш тандап жүргөн учурларым кылт деди оюма.

«Жардам сурап барбаган эшигим калган жок» деди жоолугунун бурчу менен көзүнө чогула калган жашты аарчып отуруп. «Мурунку да, кийинки да маданият министрине бардым. Эки жыл тил эмизип, үмүттөндүрүп убара кылды. Акыры тажаганда баса бердим» деди. «Алар ошондой, «жандардын жазасын» бергенге уста» деген ой мээме кылт дей түштү. «Андан көрө, эшигинин алдына отуруп алып, кошок кошсоңуз болмок» дейин деп, өзүмдү кармандым. Бир чети айтпаганым деле ырас болуптур. «Өлүк жандарга» баары бир эмеспи. Баарылап өкүрүп, айлап-жылдап кошок кошсок да, өлгөн немелер эмнени укмак эле. Андан көрө, «Ырас барыптырсыз. Кантсе да тирүү жансыз. Көз көргөзүп карызыңыздан кутулуптурсуз» десем болмок.

Бечара апа кантсе да өзүбүздүн энелерден эмеспи. «Алыстан келдиңер» деп колдо барын «жайнатып» чайын демдеди. «Үйүр-үйүр жылкы жеп тойбогон жаман курсак иччи гана, ушул жерден тоёор бекенсиң» деп шоркурата уурттадым. Жаман курсак тойдум деп айтчудай эмес. «Жарылып кетсеңчи ушундан көрө» дедим итатайым тутулуп. Алдынан чыкканга кош колун тыгып, көзүнө көрүнгөндү жалмап келаткан курсактарды эстегенде ачуум шакардай кайнады. Баарын оп тартып сугунуп келаткандары аз келгенсип, эми акыркы карандай чайды да жөн койбой какшыта ууртап отурган «курсактардын» жарылбай жашап атканына там бердим...

«Маркум агайыңар Чүйдүн Кегети айылынан болот» дегенде оозума келмем кирбей калды. Шайлообек агайдын кайдыгерлигине түспөлдөш саптар чайга аралашып, оозума туруп алды. «Бооруна дунган баткан, орус баткан. Чыйрактан чечен баткан, улуттан нечен баткан, бир жесир баткан жокпу» деген түрмөктөрдү күрмөп-күрмөп нары карай зорго жуттум. Шаке канткен билбейм, даамынын ачуулугунан өзөгүм өрттөнүп кете жаздады. Жөн эле өрттөнбөй «Чүй боорунан нечен чыгаандар чыкты эле. Эми бир агасын агалай албай, жесир жеңесин орус кемпирдин итине сагалатып коюптур» деген сасык түтүн чыгарып өрттөндү. Мындай «түтүндү кээ бири жакшылыкка жоруса, кээси жининдей көрчү эле» деп жашырганча шаштым эле, болбоду...

«Өлсөм, сөөгүмдү койгонго жакыныраак болсун деп ушул Токмокко келдим» деди апа чай куюп отуруп. «Сиз жер бетинде кыргыз аттуу калбай калгыча өлбөйсүз апа» дедим ичимен. «Насирдин агайыбыздай улуу адам менен өмүрлөш болуп, анын ооруна да, жеңилине да чыдаган адам өлмөк беле. Бүгүн сизге бир бөлмөнү ыраа көрбөй отургандар өлөт. Бүгүн сизди темселетип коюп, ойду-тоону сүйлөп отургандар өлөт. А силер ар дайым элдин эсинде каласыңар» дедим.

«Насирдин агайыңардын атасы Байтемир баатыр адам болгон экен» деди апа жагымдуу эскерип отуруп. «Баатыр адамдарды эскерүү кандай сонун» деп суктандым. Жанатан бери ындыным суп отурган жаным бир заматта өрөпкүй түштүм. Бирок, эски эшиктин сыртынан ажылдап үргөн орус кемпирдин кандектерин укканда кайра башым шылк этти. «Баатырыбыздын небересин, залкарыбыздын байбичесин кайдагы бир орус катын өз жерибизде итине талатып, өз жерибизде кодулап турган соң, кайсы арыбызга өрөпкүйт элек» деп кыңырылдым. «Үркүндүн 100 жылдыгы» деп ар кай жерге эстелик коюп эштеңдеп атканыбыз менен, анын эпкини дагы эле уруп турганы байкалды ошондо. Арадан жүз жыл өткөнүнө карабай бет талаштыра уруп турган эпкин байкалды...

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Адам укугубу же демократиябы?

1992-жылы Германиянын мурунку башчысы Гельмут Шмидт Сингапурдун экс премьер-министри Ли Куан Юга: «Кытай адам укуктарын сактаган демократиялык мамлекет боло алабы», - деген суроо берет. Ли Кытайды адам укуктарын сактоого мажбурласа болорун, бирок демократиянын тигил же бул түрүн ага эч ким таңуулай албасын айткан



### Укуктар жана демократия кыртышка жараша болот

Батыш мамлекеттеринин Украинанын борбору Киевдеги Майданды колдогону жана Россиянын Сириядагы согушка түздөн-түз кирүүсү демократия менен авторитардык башкаруунун кагылышуусу катары каралууда. Бирок Россиянын башкаруу формасын карасак, ал деле демократиялык башкаруунун бир түрү сыяктуу.

АКШ менен Россия адамзат келечекте кандай башкарыларын эки башка өңүттөн караган жекеме-жекеге чыккан найзакерлер. Аларды аркасынан ачык же тымызын колдоп тургандар да демократия делген элдик башкаруунун түрдүү формаларын колдонуп келген өкмөттөр. Бардыгынын эл өкүлдөрү бар жана эли түздөн-түз өзү же өкүлдөрү аркылуу шайлаган мамлекет башчылары бар. Андай болсо эмне үчүн өзүнүн жана бөтөн элдердин укуктарына болгон көз-караштары ар башка?

Кыргыздын «Бетеге кетип бел калат, бектер кетип эл калат» деген макалында терең маани бар. Элди бел катары карасак, ал белдин топурагында сөзсүз бектерди өстүргөн кыртышы болот. Өзүнүн, жакындарынын жана жалпы элинин укугун «өзөктөн чыккан от, өздөн чыккан жат» менен сырттан келген башкаларга жок кылдырып жибербеген кыртыш керек. Ошол кыртыш ким дегенде, Ли Куан Юга окшогон көсөмдөр коомдун өз мээнети жана билими менен чыңыган катмары деп жооп беришкен. Бел бекем болуп сакталуусуна да, ал белде бетеге өсүүсүнө да кыртыш зарыл. Демек адам укуктары бул кыртыштын демократия идеясына канчалык жакын болуусуна жараша сакталат. Минималдуу деңгээлде адам укуктары сакталуусу үчүн демократиянын кандай бир түрү болуусу шарт.

Авторитардык же олигархиялык демократияны тамсил кылган Россия жана чыныгы элдик башкарууга жакыныраак жайгашкан АКШ тобунун тирешүүсүндө ким жеңип чыгары белгисиз. Бир жума мурун Франциянын астанасы Парижде болуп кеткен окуялар тараза ташын тез чечим кабыл алуу жөндөмүнө ээ болгон авторитардык башкаруучулар тарабына оодурду сыяктанат.

### Париждеги окуялар Асад менен Путиндин ишине жарады

Франциядагы террор окуялары Түркиянын Анталиясындагы каралчу маселелердин күндемин алмаштырды. «Bloomberg View» агенттигинин журналистти Жош Рогин Париждеги кан төгүү Сириянын президентинин ишине жарады дейт. Себеби, дүйнөнүн эң өнүккөн 20 мамлекети Анталияда Башар Асаддын маселесин биринчи карамак. Бирок Париждеги окуялар «Ислам мамлекети» делген террорчу тобун жок кылуу маселесин биринчи катарга чыгарды. Ушундан улам, 14-ноябрда Венада Башар Асадды бийликтен кетирүү керек деген АКШнын мамкатчысы Жон Керринин Антальяда үнү угулбай калды. Тетирисинче, Асад Сириядагы араздашкан тараптарды бириктирүүнүн чараларынын бири катары карала баштоосу мүмкүн. Батыш лидерлеринин пикирлерин өзгөртүүсү Башар Асаддын Сириядагы кагылышуулардын негизги күнөөкөрү экенин унуттуруп, бийликте калуусуна жол ачышы мүмкүн. Анткени менен, «ИШИМ жок кылынып, Башар Асад бийликте калса да, Сирияда мыкаачы, террорчу топтор пайда боло берет», - дейт Жош Рогин.

Париждеги окуя Асаддан кийин эле Владимир Путинге ыңгайлуу болду. Мурун Австрияда өткөн G20нын чогулушуна Украинадагы кризистен кийин барган Путинге суук мамиле кылынган. Быйылкы жыйынга болсо Россиянын лидери бардык нерсени алдын ала көрүп, эскерткен көзү ачык олуя катары кирип барды. Бирок өткөн жекшембиде Россияга каршы экономикалык санкциялардын дагы жарым жылга узарууcу орус лидеринин көсөмдүгүнө Батыш дагы эле шектүү караарына ишарат болуп тургансыйт.

### Мусулмандар шариаты менен жашабай калдыбы?

Эли журт безер болгон мусулман мамлекеттери адам укуктарын сактоо боюнча эң акыркы катарларда. Эки мусулман окумуштуусу ислам баалуулуктары менен жашаган мамлекеттердин рейтингин түзүп чыкты. Ал изилдөө боюнча биринчи орунга чыккан 40 мамлекеттин ичине бир дагы мусулмандардын өлкөсү кирбей калган. Ислам принциптери менен элинин укугун сактаган мамлекеттерге Жаңы Зеландия баш болгон бардык батыш өлкөлөрү кирген.

Эң жөнөкөй мисал келтирсек. Шариат боюнча мусулман адам 5 нерсесин коргоосу керек. Өмүрүн, динин, акыл-эсин, тукумун жана мал-мүлкүн. Эгер аларды коруп жатып каза болсо, түздөн-түз бейишке кирет. Демек, башкаруу формасы кандай болбосун, мейли ал султандык болобу, же демократиянын эң акыркы модели болобу, айтор өкүмдарлар ушул беш негизди бекем кармангага милдеттүү. Бирок, азыр алар өздөрүнүн алсыздыгынан, ач көздүгүнөн, жикчилдигинен улам, мамлекеттеринин ички иштерине башкаларды кийлигиштирип, жарандарынын өмүрүнө кепилдик бере албай калышты. Ал эми өмүрү коркунучта калган адам калган төрт негизге көңүл буруусу өтө кыйын. Адам укуктары менен демократиянын принциптерин жактаганы үчүн жабылуу коркунучунда турган Түркиянын гезиттеринин бири жакында кыска документалдуу фильм тартты. Анда Ирак, Сирия жана башка мамлекеттерден качкан адамдар бир да мусулман мамлекетинин укук коргоо органдарына кайрылбаганы көрсөтүлгөн. Бирок батыш өлкөсүнүн чегине кирери менен эң биринчи кайрылган адамы жергиликтүү полистер экен.

### Россиянын кыртышынын абалы

Террорчулуктун дартына дабаа катары карала баштаган Россиянын жарандарынын батыш мамлекеттерине көчүүсү бул жылы эселеп арткан. Саясат таануучу Олеся Захарова: «Азыр орус жетекчилигинин бөрк ал десе, баш алып турган убагы», - дейт. Анын баамында орус баалуулуктарынын душмандарынын арасына акырындык менен адам укуктары да кире баштаган. Ар бир укуктук системанын негизи болгон «адам укуктары» аткезчилик менен кирген сыр жана шабдаалыдай эле жок кылынууда. Бирок, адам укуктарын трактор менен тепсетип, топуракка көмүү мүмкүн эмес да. Болгону аларды бурмалап, баркын кетирсе болот. Жарандардын жийиркеничи пайда болгон соң, алар укуктарынан өздөрү эле баш тартышат. Биздин Күмөндөр Абылов да: «Свет жок болсо жакшы экен. Кыргыздын саны тез көбөйөт. Ким кыргыздын көбөйүүсүнө каршы болсун», - деп тамашалап өтөт эмеспи. Анын сыңарындай, «Эл бир катар укуктарынан өзү эле баш тартат», - деп бүтүргөн оюн Олеся айым.

Орус медиасы Владимир Путиндин кареги менен кошо айланып жүргөнүн журналист Андрей Архангельский минтип сүрөттөйт. «Кошоматчылыкты жападан жалгыз идеология катары карманган орус элитасынын адеп-ахлагын отоо чөп баскан. Орус интеллигенттер, атказминерлер, мамлекеттик медианын кызматкерлери жогору жактан ишарат келмейинче чечим кабыл ала албай калганы аз келгенсип, буйрук келмейин жаман-жакшыны айырмалап, боорукерлик кылып башкалардын кайгысын тең бөлүшө албай калышкан. Убакыт өткөн соң кимдир бирөөнүн катасын айтсаң болот. Бирок бейкүнөө адамдардын кырылып жатканы дароо жүрөктү сыздатуусу керек да», - деп орус тележурналисттери Парижде терракт болору менен Франциянын эки кылым мурунку «былыктарынан» бери чукуп ийишкенин таң калуу менен баяндаган. «Анан эле Владимир Путин 14-ноябрда Францияга көңүл айтары менен журналисттердин да мамилеси 180 градуска бурулуп, француздардын жеӷгинин алдында Францияга болгон сүйүүсүн ашкерелеп жибергенге чейин жетти», - дейт ал.

Владимир Соловьевдун «Россия 1» телеканалына келген орус серепчилери «Мына кең пейилдик деген эмнеге алып келет. Мамлекет согушка кирген соң, ачык эшик саясатын токтотуу керек. Франциядагы теракттар Россиянын да бир нече эркиндиктерди чектөөсүн карап чыгууга түрткү болуусу керек», - дегени «Адамдар көп чогулчу иш-чараларды токтотуу керек», - деген ураандарга себеп болгон. Акыры студиядагы орус серепчилер мигранттарсыз экономикасы токтоп калчу Францияга «Качкындарга боор ачыта бербеш керек. Чексиз миграцияга бөгөт коюу зарыл» деген чакырык салып жандары жай алган.

### Интернет жана адам укуктары

Заманбап интернет технологиялар коомдорду өлүмгө алып барчу ооруларды тез эле ашкерелеп койчу болду. Адамзат же бирге оңолот же биротоло жоголот сымал. Ошондуктан башкаруу формаң кандай болсо да, жарандарыңдын укугун сактоого мажбурсуң. Бийлик дүйнөлүк саясатта жакшыларга жанашып, өз элинин укугун сырткы кийлигишүүдөн корготуп турууга милдеттүү.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# «Мода Чебери 2015" же сулуулук жана көркөмдүк майрамы...

## 21-22-ноябрь күндөрү Таш-Рабат соода түйүнүндө "Мода Чебери 2015" аталышындагы ата-мекендик өндүрүүчүлөрдүн фестиваль-жарманкеси өттү

21-ноябрь күнү көптөн күткөн "Мода Чебери 2015" аталыштагы фестиваль жарманке башталды. Аталган саамалыкты долбоордун уюштуруучусу, мекенибиздин "Өндүрүүчүлөрдү колдоо жана экспортту өнүктүрүү фондунун" директору Бакыт Дегембаев ачып берди. Ал: "Фестиваль-жарманкеге 90го жакын өндүрүүчү катышып жатканына токтолуу менен мындан ары ноябрь айынын үчүнчү ишемби жана жекшемби күндөрүн баардык ата-мекендик өндүрүүчүлөрүбүздүн күнүн белгилейбиз", – деп билдирди. Уюштуруучулардын жана колдоочулардын куттуктоо сөзүнөн соң, дизайнер-модельерлерибиз подиумда коллекцияларын көргөзө баштады. Жалпы 15 жергиликтүү чебер уздарыбыз эмгектерин подиумга алып чыгышты.

Адегенде "Чапан" бренди менен модельер Жумагүл Сариева өз эмгектерин көрсөттү. Бул коллекциядагы өзгөчөлүк катары Нена, Гүлбү Орозкул кызы, Бектемир Мамаюсупов, Тургунаалы Турсунаалы сыяктуу белгилүү жүздөр подиумга чапан кийип чыкканын айта кетсек болот.

Белгилүү чебер Гүлмира Акматова "Түшүмдө" аттуу жаңы коллекциясында кийизден жасалган жана жүндөн токулган жаңы эмгектерин алып чыкты.

Ал эми долбоордун эң жаш катышуучусу Махабат Саманчиева "Арууке" аталышындагы этно-коллекциясында белдемчилердин заманбап үлгүсүн көрсөттү.

"Алдей бейби" аталган коллекцияда кош бойлуу жана бала эмизген энелер үчүн ыңгайлуу кийимдер сунушталды.

Эки дизайнер Айнура Жалилова менен Кубаталы кызы Наргиза биргелешип чыгарган "Венеция сырлары" коллекциясы да адаттан тыш көркөмдүгү менен өзгөчөлөнө алды.

Дизайнер Бегайым Осмонованын "Колибри" бренди өз коллекциясында кыздарга арналган модалуу саркеч көйнөктөрдү сунуштады.

Модельер Жаркын Турсуналиеванын "Кыз Сайкал" аталышындагы коллекциясы да өзгөчөлүгү менен көргөзмөгө келген көрүүчүлөрдү кайдыгер калтырган жок.

Иш-чарага белгилүү ырчы, комузчулар катышып, өз өнөрлөрүн тартуулоо менен шаңга-шаң кошуп турушту.


Кыргыз Республикасынын Экономика министри Кожошев Арзыбек Орозбекович фестиваль-жарманкеге келип сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө ата-мекендик өндүрүшчүлөрүбүздүн эмгектерин көрүп сыймыктанганын жана экономика министри катары ноябрдын үчүнчү жумасын биздин өндүрүшчүлөрдүн күнү деп даңазалаганга аракет кыларын белгилөө менен баардык өндүрүшчүлөрдүн иштерине ийгилик каалады.

Дизайнер Айнура Алибаеванын үлпөт көйнөктөрүнүн коллекциясы менен «Мода чебери 2015" биринчи фестиваль-жарманкеси соңуна чыкты.

Андан соң, жарманкеге келген эл эки күн бою ата-мекендик өндүрүшчүлөрүбүздүн уз колдорунан чыккан эмгектерин көрүүгө, сатып алууга мүмкүндүк алышты. Жарманкеде буюмдар, кийимдер, бут кийимдер, ат жабдыктары, булгаарыдан, кайыштан жасалган буюмдар, эндиктер, идиш аяктар, кийиз куурчактар, колго жасалган самындар, бөлмө гүлдөрү, вазалар, моюн орогучтар, кездемелер ж.б. буюм-тайымдар сунушталды.

Бул жарманкеге өз колунан чыккан эмгектери менен катышып жаткан белгилүү чебер Гүлмира Акматова: "Бул жакшы иш чара болду деп ойлойм. Таш-Рабаттын ичи кенен жана жарык экен. Келген эл биздин эмгектерибиз менен таанышып, өздөрү каалаган буюмдарын сатып алууга, көрүүгө мүмкүндүк алышты. Эки күндөн бери элине кыргыз кол өнөрчүлөрүнүн жетишкендиктерин көрүүгө мүмкүндүк түзүлдү. Бизди колдоп ушундай иш чараны колго алган баардык уюштуруучуларга рахмат", – деп ыраазычылыгын билдирип өттү.

Чынында эки күн бою Бишкектиктер жана шаардын коноктору Таш-Рабат соода комплексинен кол өнөрчүлөрүбүздүн эмгектерин көрүп, алардын жетишкендиктери менен сыймыктанып жатышты. "Мода чебери 2015" фестиваль-жарманкеси кол өнөрчүлөр үчүн өз эмгектерин жарнамалоого жана сатууга өбөлгө болсо, кардарлар үчүн эңсеп жүргөн сапаттуу буюмун арзан баада сатып алууга түзүлгөн чоң мүмкүнчүлүк болуп берди.



Жаркын Турсуналиеванын "Кыз Сайкал" аталышындагы коллекциясы



Кош бойлуу айымдарга сунушталган "Алдей бейби" аталган коллекциясынан






Махабат Саманчиеванын "Арууке" аталышындагы этно-коллекциясындагы белдемчи



"Венеция сырлары" коллекциясынан кийимдер


Ырчы Нена чапан кийип чыкты

# Адам маймылдан жаралган эмес, маймылдар адамдан жаралат



**1. Шамсуддин Абдыкалык уулунун китептерин окусак болобу устаз?**

*Москва, Өмүрбек*

**Жооп:** Шамсуддин Абдыкалык уулу салафий багытындагы инсан. Китептери ошол багытта жазылган. Китептеринде мага жана Абдишүкүр ажыга кыйыр түрдө сын айтып жазат. Анын "Кадияния-Ахмадия" агымы жөнүндөгү эмгегин окууну сунуштайт элем. Кудай Таалам баарыбызга хидаят–туура жол насип этсин, тура жолдон тайдырбасын...

**2. Бир тууганым менен бир себептер болуп таарынышып кеткенбиз. Эч сүйлөгүм келбейт ага, устаз! Сүйлөшкүм келбеген адам менен кантип мамиле кылам?! Ипотекага үй алса болобу?**

*Москва, Барчын*

**Жооп:** Агайынды жаман деп тууганды кайдан табасың? Бир туугандар менен мамилени үзүүгө болбойт. Арам. Эки адам урушуп кетсе, акылдуураагы күнөөкөр болот. Туугандардан мамилени үзгөн адамдан Кудай Таалам да мамилемди үзүп коём дегени бар. Туугандар менен катташкан адамдын өмүрү узун болуп, ырыскысы кенен болот. Ушул жоопту окууруң менен бир тууганыңа телефон чал! Андан кечирим сура! Ким күнөөлүү экенин териштирүүнүн да кажети жок. Кыяматта ага убакыт табылат. А бул жалган дүнүйө ал маселеге арзыбайт...

Ипотека дегениң кредиттин бир түрү. Москванын өзүндө болсоң, мусулман эмес банктан же мусулман эмес адамдан алсаң болот. Бирок төлөөгө кудуретиңди эсептеп туруп алууң керек. Анткени, ханафий мазхабтын эрежесине ылайык, дааруль харбда муслим менен харбийдин ортосунда сүткордук жүрбөйт.

**3. Ассалааму алейкум! Мурунку каза намаздарды кантип толуктаса болот? Түшүндүрүп коюңузчу, устаз!**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Каза намаздардын тартиби:

Парз намаздар менен витир ваажып намазы гана каза болуп окулат.

Сапарда жүрүп каза болгондор сапардагыдай таризде, б.а. касыр болуп каза кылынат. Ал эми толук түрдө каза болгондор, толук түрдө казасы окулат.

Азан менен кооматта, каза намаз менен жөн намазда айырма жок.

Ниетте "каза намазды" ниет кылуу керек.

Күн батып бараткандa, чыгып бараткандa, так төбөгө келгенде окууга болбойт. Калган бардык убакытта каза окуса боло берет.

**4. Саламатсызбы! Эгер аялы күйөөсүнө төшөктө жетиштүү рахат бере албаса эмне кылуу керек? Башка кыздарга барса болобу?**

*Ош, Алим*

**Жооп:** Андай учурда экинчи аял алуу керек. Кыздарга баруу арам. Ал ойноштук деген сөз. Айта турган маселе, балким, аялың деле сенден рахат ала албай жаткандыр? Деги эле сен рахат туурасында аялың менен сүйлөшүп көрдүң беле?

**5.Устаз келинчегиме боёнбо десем «мен өзүм билем, өзүм жооп берем» дейт кыяматта. Ушул кандай болот?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Аялың өзү билбейт. Кудай Таалам билет. Көчөгө боёнуп чыгуу арам. Кыяматта күнөөкөр болот. Кудайдын каргышы тиет...

**6. Музыка укса болобу, устаз? Мисалы: Эне жөнүндө, комуз күүлөрүн дегендей.**

*Ноокат, Нурбай*

**Жооп:** Мен угуп жүрөм сен айткандарды... Ал эми фатва чыгарууга келсек, бул оорураак маселе...

**7. Ассалааму алейкум! Биздин айылда көп жыл мурун ажырашып кеткен адам жашайт. Алардын балдары азыр жашы 35-40ка барып калды, атасы менен катташалы десе такыр болбойт. Көп жыл болду кечирим сурап атышат. Бирок жыйынтык жок. Балдары эмне болот? Ал киши башка үй-бүлө менен жашайт ошол айылда.**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Атага таарынылбайт... Атага таарынган адам, жарыбайт. Атасын эптеп кадырлап албаган адам, башканын кадырына жетет беле? Кээде, эненин тарбиясын алып калган балдар, аялдай болуп ойлонуп калышат. Андай болбойт...! Туура, атасынын да кемчилиги бар, аларды таштап кеткен экен! Бирок, битке өчөшүп, көйнөктү откo салган туурабы?

**8. Ассалааму алейкум Чубак ажы! Азыр тойлордо чыгымдардын көп кетип, ысырап болуп жатканы баарыбызга маалым. Ошондуктан устаз, ушул боюнча элге кайрылуу жасап, элге жеткиликтүү бир видео тартып чыксаңыздар жакшы болор эле.**

*Москва, аты белгисиз*

**Жооп:** Буйрутмаңыз кабыл алынды. Күтө туруңуз.

**9. Чачты кара түстөгү хнага боёсо, гусул өткөрбөйт дейт. Ушул туурабы?**

*Москва, аты белгисиз*

**Жооп:** Негизи хнанын баары эле гусул өткөрө берет. Бирок, хнанын өзүнүн түсү кара болбойт. Боёк менен боёгон учурда гусул өтпөй калуу коркунучу бар деп айтылат.

**10. Мусаапыр болуп башка шаарга барып калганда, мечиттеги имамга аялдар уюса болобу? Салафит же Шафий мазхабындагыларга Ханафийлер уюса эчтеке болбойбу?**

*Москва, аты белгисиз*

**Жооп:** Мечиттеги имамдарга аялдар уюса болот. Салафит же Шаафий мазхабындагылардын баарына уюса жарай берет. Салафий имам даарат алганда байпагына масх тартып, ошол бойдон имамчылыкка чыккандыгын көрсөңүз, ошол намазда ага уюбайсыз. Көрбөсөңүз уюй бересиз. Шаафий мазхабтагы адамдын мурду канап, бирок даарат албай эле имамга өтсө ага да уюбайсыз. А бирок, көрбөсөңүз уюй бересиз. Анткени, жогорудагы эки шартта тең ханафий мазхабында даараты жок деп эсептелет. Ал эми, көрбөгөн учурда жакшы күмөн кылууга милдеттүүбүз...

**11. Туура жолдомунбу деп көп изденем. Мисалы, Ф. Гулендин «хизмет» жамааты жөнүндө айтып бериңизчи. «Бул секта» дегендин канчалык чындыгы бар. Деобанд деген эмне? Ушуга тиешелүү китептерди окусам болобу?**

*Бишкек, Роза*

**Жооп:** Гүлен мырза жөнүндө менин макалам бар эле. Гезиттин жетекчилигинен суранып көрөйүн. Балким, гезиттен орун беришер. Бербесе, "Акыйкат жолу" китебимди таап окусаңыз, жакшы болот. Ал эми "Хизмет" кээ бир адамдарга жакпаганы менен, берекелүү кызмат. Кудайдын калыс ниеттүү кулдарынын ак дил кызматы... (ред. Чубак ажынын суранычы менен айтылган макала эмки санында жарык көрөт).

Деобанд дегенибиз Индиядагы кыштактын аты. Англис колонизаторлору Индияны басып алганда, аларга каршылык иретинде медреселерди ачып, илим аркылуу каршы турууга аракеттенген ханафий мазхабын карманган багыт. Менин кээ бир устаздарым деобандийлер болуп эсептелет. Мисалы, Аллаама Хаалид Айюбий устазымдан "Нуурул анваар" менен "Шархул викааясын" окугам.

**12. Мен Москва шаарындамын. Жумуш жок болгондо жумага барып турам. Жума намазынын казасы кандай болот. Эртеден кечке каза намаздарды окуса боло береби? Мисалы: Багымдаттын казасын бешимге чейин 15-20 күндүн казасын окусам болобу? Каза намаздын ниети кандай айтылат? Ар бир намаздан кийин теспе тартуу зарылбы? Кененирээк айтып бериңизчи.**

*Москва, Нурсултан*

**Жооп:** Кененирээк билүү үчүн атайын арзып билим алуу керек, чырагым. Суроолоруңдун кээ бирине жогоруда жооп айтылды. Ар бир намаздан кийин теспе тартуу сүннөт. Аткарсаң жакшы, аткарбасаң анчалык деле зыяны жок. Жума намаздын казасына бешим намаздын казасы окулат. А эгер, жумага барбай калсаң, анда бешим намаздын өзүн окуйсуң. Намазды калтырба! Билбейм, деги бул дүйнөдө намаздан башка дагы эмне зарылыраак боло алат эле?...

**13. Ассалааму алейкум! Мен жогорку окуу жайда иштейм. Келбеген студенттерге баа койдурушат. Айла жок коюп беребиз. Бул күнөөбү? Ушинтип иштегеним болобу?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Окубаганга, билбегенге жакшы баа коюп берүү арам. Андай тартипте иштегенге болбойт. Алардан алган парaң дагы арам.

**14. 34кө чыкканда намаз окуй баштадым. 20 жылдык каза намаздарды санасам, болжол менен 40 000 намаз окуш керек экен. Ушунун баарын окуп чыгышым керекпи же башка да жолу барбы? Тахажжуддун ордуна каза намаздарды окуганым жакшыбы?**

*Москва, аты белгисиз*

**Жооп:** Каза намаздарыңды колуңдан келишинче окуй бер. Пендеси колунан келген нерселерден суралат... Тахажжуддун ордуна каза окуганың абзел, карагым!

**15. Адамга жин эмне себептен кирет?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Шарият так сакталбай, сүннөттөргө маани берилбегендиктен кирет. Ыплас жерде жүрсө, таштандыларда басса да кирет. Кээде сыйкырдын күчү менен да кирет. Кээде, Кудай сактасын, жин адамдарды сүйүп калып да кирет. Мунун баарын Жыргал каарыкемден сурап жаздым. Канткен менен бул нерседе а кишиге жетээрибиз жок эмеспи...

**16. Малдын омурткасынын ичиндеги чучук адалбы?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Малдын омурткасынын чучугу макүрөө, арам эмес.

**17. Боюнда бар аялдын маңдайындагы чачынан тегиздеп кыркса болобу?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Боло берет. Таптакыр кырып салса деле эч нерсе болбойт. Болгону, аялзатына чачын өстүрүп жүргөнү назиктигине жана сулуулугуна төп келе турган адеми жумуш.

**18. Аял затына каш тергенге болобу, устаз?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Аялзатына каш тергенге болбойт. Арам. Бирок каштан сырткаркы түктөрдүн баарын тергенге болот. Ошол эле учурда каштын тегерегиндеги бейбаш түктөрдү да терип салууга болот. Аял киши апсайып-сапсайбай, жагымдуу кебете менен жүрүүгө милдеттүү.

**19. Молдо кайненеме «сенин кара жиниң бар, келиниңди бирөө окутуп салган» деп айтыптыр ошондой да болобу? Ишенбейли десек, молдо куран окуйт.**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Эгерде, жин окуганды билген адис молдо болсо, анда сизде жиндин бар же жок экендигин аныктай алат. А бирок, өзү көрбөгөн келинди окутуп коюшканын билип койгону кызык экен? Ар бир эле Куран окуган кишинин бардык сөзү туура боло бербейт. Курандын маанилеринин кыргызча котормосун окуп жүргөн Анарбек Усупбаев деген динбезер-теңирчи жүрбөйбү, оозунан бир ырыстуу сөз чыга элек.

**20.Саламатсызбы! Менин таанышым аялын кийинтпейт, ооруса карабайт, «акча жок, ажалың жетсе акыры өлөсүң да», - дейт. Ажырашсам, Алланын алдында күнөөкөр боломун деп эркек ажырашпайт. Эмне кылуу керек?**

*Балыкчы, Жамал*

**Жооп:** Эгерде, бирге жашоонун улануусу кыйынчылыкка туруп, адамды динден кайтарып жиберчүдөй болсо, анда ажырашууга уруксат берилет. Аялын даарылоо, аны ылайыгына жараша кийинтүү, эркелетип, көңүлүн көтөрүү – эркектин айныгыс милдети.

**21. Урматтуу Чубак Ажы, адамды маймылдан жаралган деп айтышат. Ошол сөзгө ишенсек болобу?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Эми, бир тууганым, азыр бул кепке эч ким ишенбей калган. Бирок башка теорияны мен айтайын деп турам. Адамдар маймылдан жаралган эмес, маймылдар адамдардан жаралат. Мисалы бети-башын боёп алган эркек, жынысын өзгөрткөн адамдар маймылдан да жаман абалга келип калды. Мас болуп ар кайсы жерге жатып калгандарды айтпай эле кой... Бомж болуп калган маймылды уга элекпиз, а адамдарды көрүп эле жүрөбүз. Өз кызын зордуктаган айбанды маймыл дешке да оозуң барбайт.

Бетти даярдаган:
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Жөн жерден жабыр тарткан жарандар

Үстүбүздөгү жылдын 16-июль күнү Бишкек шаарынын Панфилов-Горький көчөлөрүнүн кесилишиндеги үйлөрдүн биринде диний экстремисттик уюмдун террористтери менен атышуу болгону коомчулукту дүрбөлөңгө салган. Эки кабаттуу үйдү ижарага алган террорчуларды УКМК, ИИМ, ӨКМ кызматкерлери жана "Альфа" атайын күчтөрү курчоого алган



Сүрөт ▸ Sputnik

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

*Террористтерди жок кылуу аракети саат 16.30да башталып, үн чыгаруучу гранаталар, гранатомет, Калашников автоматтары колдонулган. Эки тараптуу салгылашууда террористтер жашынган чоң үй өрттөнүп, тилсиз жоо башка бир нече үйдүн да күлүн көккө сапырган.*

*"Эки дөө урушса ортодо кара чымын кырылат" дегендей, бул окуядан жабыр тарткандардын көпчүлүгүнүн үйү курулганы менен Раззыковдордун үйүнө эч кандай жардам көрсөтүлө элек. Алдын-ала атышуу болот деп эч ким эскертпегенин айтып, кичинекей баласы менен аман калганына шүгүр кылса да, зыян тарткан үйү бүгүнкү күнгө чейин толук калыбына келтирилбегенин төмөнкүчө баяндайт.*

### Көрүнүктүү жерлерди гана жасашып, башкаларын караган жок

Темирова көчөсүнүн 16-үйүнүн жашоочусу Жамиля Раззыкова антитеррордук операция болгондон бери 4 ай убакыт өтсө да, үйүнүн көзгө көрүнүктүү жерлери гана жасалып, калганы жасалбай келгенин төмөнкүчө баяндайт: "2015-жылы 16-июлда кечки саат 18:15те антитеррористтик операция башталды. Ошол маалда балам экөөбүз үйдө болчубуз. "Атышуу болот" деп бизди эскертишкен эмес. Окуя болгон күнү үйүбүздүн 2-кабатына РПГ снаряды учуп кирген. Үй жумшак пеноблоктон болгон үчүн ал жарылган жок. Ошонусу бизди сактап калды. Снаряд үйгө кирип, шыптан чыгып чатырга такалып калды. Эртеси күнү спецназдар келип, снарядды зыянсыз чыгарабыз (разминирование) деп чатырдын баарын омкоруп, снарядды зыянсыздандырышкан (обезвреживание). Кийинки күнү милициялар, Социалдык коргоо жана Өзгөчө кырдаалдар министрликтери (ӨКМ), акимият, дагы башка кызматтардын баары акты түзүп: "Үйдөгү жабыркаган оокаттардын баарын калыбына келтирип беребиз", – деген сөздөрдү айтып бизди ишендирип кетишкен. Негизи, үйү таптакыр жарабай калган кошуналар да бар эле, ошолордукун биринчи бүтүрсүн деп, 2 ай унчуккан жокпуз. 2 айдан кийин жамгыр жаап баштаганда терезелерди салып бергиле балдарым бар дегем. Бирок, алар терезенин баарын алмаштырган жок. Болгону айнектерин гана алмаштырып коюшту. 3 ай өткөндөн кийин "парда, килем, асмачырак жана дагы ушул сыяктуу оокаттарым жабыркады. Акчасын төлөп бериңиздер деп кат жазгам. Бирок ошол күндөн ушул күнгө чейин жооп ала алган жокмун. 16-июндан бери 4 ай өттү. Бизге куруучулар келип үйдүн тешигин жамап, дубалдын туш кагазын алмаштырып, шыпты (потолок) бүтүрүп кетишкен. Андан сырткары, сырттагы бастырманын жабуусунун 1 бөлүгүн алмаштырышты. Кыскасы, көрүнүктүү жерлерди гана жасап, башкасы каралган жок. Ошону менен "калганын кийин жасайбыз" деп кетишкен бойдон келишкен жок. Качан мен "Акипресс" маалымат булагынан кайрылгандан кийин мэриядан "Силердин үйүңөрдү компенсация кылганга комиссия каражат бөлгөн жок" деген жооп келди. Биз эмне кыларыбызды билбей акимиятка, социалдык коргоого барсак дагы "бул окуя бүттү" дегендей мамиле жасашты. Натыйжада, кайрадан маалымат булактарга чыккандан кийин, эртеси күнү Социалдык коргоодон, акимияттан, Бишкек шаарынын мэриясынан, ӨКМ министри жана үйдү оңдоого тиешеси бар адамдардын баары келишти. Дарбазабыз жабыркаган, ал кымбат болчу, аны алмаштырып беребиз дешти. Биздин эң негизги сурообуз дарбаза болчу. Мэриядан киши келип, "килем, парда, асмачырактын бааларын билип, кассовый чекти чогултуп бергенден кийин төлөп беребиз" дешти. Мен мэрияга кат жазганда 5 жыл мурун алган бааларды болжолдоп жазгам. Мэр: "Сенин болжолдогон бааларың мени канааттандырбайт. Өзүң болжолдоп жазган баанын кереги жок. Эртең комиссия келет, ошолор бааларын чечишет, анан ошол баа менен сага акчаны төлөп беребиз" деди. 5 жылдан бери менин буюмдарымдын баалары кымбаттаптыр. Базар баасы менен эсептеп чыкканда бардык чыгашалар 110 миң сомду чапчыды. Дарбазаны эсептесек, ал 187 700 сом болду", – деди Жамиля Раззыкова.



Атайын операция учурунда күйүп кеткен үй



РПГ снаряддан жабыркаган коңшу үйдүн дубалы

### Койгон эшиктери шылкылдап калды

Ал эми Жамиля эженин жолдошу Балмукамбет Жусубалиев эки күндүк жумушту жасап беришпейт деп нааразычылыгын билдирди: "Президент 170 миң сом акча берди. Андан биздин үйгө 40 миң сом акча иштетилди. Калган акча жок. Окуядан бери 4 ай болду. Күйүп кеткен үйлөрдүн баары салынды. А биз жамгырдын астында отурабыз. Үйгө комиссия келгенде айткանбыз. Үйдө жасала турган жумуштар 2 кишинин эки күндүк эле жумушу. Ошону да жасап бербей жатат. Биздин айнектер сынган болчу. Эшикти да алмаштырышкан. Койгон эшиктери шылкылдап жатат. 2 желоб которулду. Бирок андан суу куюлуп атат", – деди ал.

### Мэрия "биз жасай турган иш эмес" деп бизди деле кууп чыккан күндөр болгон

Ал эми Өзгөчө кырдаалга чара көрүү түндүк борборунун башкы инженери Акылбек Жалилович Темирова көчөсүндөгү 16-үй ушул айдын аягына чейин бүтө турганын билдирди. "Жамиля эжекебиз айтып жаткандын баары эле туура, калп сөз айткан жок. Баардыгы чындык. Бирок документ жагына келгенде бул убакыт созулуп кетүүдө. ӨКМга булардын дарбазасы гана аткарылчу иш катары берилип калгандыктан, жүктүн баары бизге келип үйүлдү. Кагаздын баары УКЧ мэриядан бүтө турган иш болчу. Башында алып келген документтери туура эмес болуп калып кайра жалдырап барып отурабыз. Мэрия "биз жасай турган иш эмес" деп бизди деле кууп чыккан күндөр болгон. Азыркы күндө башка үйлөрдүн деле майда жумуштары калууда. Учурда корректировкага сопроводительный акты каты менен мэрияга берилген. Бизге мэрия "ооба, ушул дарбазаңар 71 миң эмес, 168 миң экен" деп бекитсе, ошол акчаны чегерет элек. Биринчи сметаны түзүшкөндө булардын үйүнө 71 миң сом чыгып калган. Биз дубалдагы кичине эшикти алмаштырып баштаганда акча 71 миң деп бекитилген. Анан биз "Бул болбой калды. Дарбазанын өзү эле 240 миң сом экен" дегенибизде, алар ремонт жасаган кишисин алып келип 168 миң сомго токтоду. Ошентип бул үйгө 174 миң сомдук смета кылышат. Бирок, ал дагы дарбазага жеткени менен, үйгө жетпей калууда. Акыркысы 190 миң сомго смета түзүлдү эле, эми ал дагы жетпейт. Акыры "жетпейт" деп корректировка кылып кайра бердик. Бул жерде дарбаза эң башкы маселе. Аны ушул айдын аягына чейин бүтүрөбүз", – деди ал.



Жамиля Раззыкованын дарбазасына 17 жерине ок тийген

### Компенсация төлөө, зыянды баалап аныктагандан кийин каралат

Бишкек шаарынын мэри Кубанычбек Кулматов антитеррористтик операциянын жүрүшүндө жабыр тарткан Темиров көчөсүнүн №16 үйүндө жашаган Раззыковдун үй-бүлөсү менен жолукту. Раззыковдордун үй-бүлөсүнө кошумча компенсация берүү зыянды баалоо жана кайрадан аныктоодон кийин каралат. Мурда үйдүн ээсине Биринчи май районунун Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы 30 миңğ сом каражат берген. Калган үй-жайы жабыр тарткандарды калыбына келтирүү иштери жакынкы аралыкта жүргүзүлөт. Анын ичинде Темирова көчөсүнүн 16-үйү да бар. Мындан тышкары, жолугушууда КР ӨКМ Темиров жана Шооруков көчөлөрүндөгү үйлөрдү калыбына келтирүү жана куруу боюнча аткарылган иштердин актысын берүүсү чечилди. Капиталдык курулуш башкармалыгына аткарылган иштердин актыларын текшерүү, калыптандыруу иштери боюнча смета даярдоо тапшырмасы берилди. Анын ичинде Темиров көчөсүнүн №16 үйү да бар. КР ӨКМнө түзүлгөн сметага ылайык кошумча иштерди бүтүрүү тапшырылды. Жолугушууга КР Өзгөчө кырдаалдар министринин орун басары Давлетбек Алимбеков катышты. Бул тууралуу мэриянын басма сөз кызматы билдирди.

*Арызданган Жамиля эженин жолдошу Балмукамбет байке айткандай бул эки күндө эки адам бүтүрүп койчу иштер бюрократиялык мүчүлүштүктөрдөн улам, чубактын кунундай чубалжып келе жатат. Мындан мамлекеттик чиновниктердин кылган иштен куру сөзгө жакыныраак экени ашкерелеnip турат. Бүткүл Кыргызстанга чуу жараткан окуяда жабыркагандарга ушундай мамиле кылынып атса, ар жерде дарты угулбай сыздап жаткан жарандар канча деп ойлойсуз, урматтуу окурман.*

# Кар жаайт, даяр бол

Кышында көпчүлүк эл үйгө керектелчү буюмдарды "каяктан алам", "канча сомдон алам", "кымбат эмеспи", "сапаты кандай" деп көп ойлонот эмеспи. Биз окурмандарыбызды мына ушул жагдайдан чыгаруу үчүн атайын базарларга барып, алардын баасын билип келгенге аракет кылдык



Мисалы, күрөк, муз чаккыч, автоунааны кардан тазалоочу щётка, шыпыргы, кол кап, терезе, эшиктерди жылуулоочу ленталардын бааларын билгенге аракет кылдык.

Кышкыга керектелчү буюмдардын баасы өтө деле кымбат эмес экенин базардан байкадык. Мисалы, **кол каптын** баасы 25 сомдон 150 сомго чейин жетет. Кытайдыкынан баштап орустукуна чейин алса болгудай. Негизи эле кол каптын өтө көп түрү бар экен. Бири-биринен колдонулган материалы жана сапаты менен айырмаланышат. 80%ы кытайдан, 20%ы Орусиядан келет. Кытайдыкы арзан болгондуктан, эл аны көп алат. Мисалы, кытайдыкы 25 сом болсо, орустуку 70 сом.

Орусиядан келген **сабы жок күрөк** 250 сомдон сатылат. Ал эми кытайдын күрөктөрү 220 сомдон 250 сомго чейин сатылат. **Күрөктүн жыгач саптары** Орусиядан 50 сомдон келет. Ошондо орустун күрөгү сабы менен 250 сомдон 800 сомго чейин турат. Ал эми кытайдыкын сабы менен 220 сомдон 500 сомго чейин табууга болот. Кытайдын күрөктөрүнө караганда орустун күрөктөрү бышык келет.

**Терезе эшиктерди жылуулоочу ленталар** кытайдыкы жана түркиянык болуп экиге бөлүнөт. Мисалы терезени жылуулоочу лентанын кытай чыгарган 10 метри 40 сом болсо, Түркиянын 50 сом. Ал эми эшик жылуулоочу лентанын бир метри 30 сом.

**Муз чагуу үчүн керектелүүчү аспап** 350 сомдон келет экен. Ал эми сатыктагы баасы 400 сомду түзөт. Бул кышында тоңуп калган муздарды чагууга эң керектүү каражат.

Ал эми **кар тазалоочу щёткалар** 500 сомдон 1000сомго чейин. Булардын өзгөчөлүгү башкалардан айырмаланып терезени чийбейт. Кээ бири өтө эле чоң автоунааларга да ылайыкталып жасалган. Анткени алардын сабы темирден келип, кар тазалоочу башы жазы жасалган. Ошондуктан ыңгайсыздык жаралбайт.

Ал эми кышында эң керектелүүчү **шыпыргылардын** баасы 120 сомдон баштап 150 сомго чейин турат.








Материалды даярдаган АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

GREEN CITY
eco hotels & resorts

Greencity
мейманканасы
Тынчтык пр, 16

бир орундуу бөлмөлөр
эки орундуу бөлмөлөр
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан
бизнес ланч

+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50



Green City мончосу
Исакеев көч., 2а

түрк хамамы
орус мончосу
туз камерасы
бассейн
балыктар менен пилинг
массаж
жаш балдар бөлмөсү
ж.б




www.greencity.kg

